
ЖОЛДО
ЖУРУУНУН
ЭРЕЖЕЛЕРИ

Союздук республикалардын
Министрлер Совети
жактырган

СССРдин Ички иштер
министерствосу тарабынан
1986-жылы 16-июлда бекитилген

ЖОЛДО ЖҮРҮҮНҮН ЭРЕЖЕЛЕРИ

1987-жылдын 1-январынан
күчүнө кирди

Фрунзе
«Кыргызстан»
1989

Которгон *Бекжан Букашов*

Жолдо жүрүүнүн эрежелери /Котор. Бекжан Букашов. Ж 79 — Ф.: Кыргызстан, 1989.—72 б.
ISBN 55-655-00286-8

СССРдин аймагында жолдо жүрүүнүн эрежеси эл аралык жолдо жүрүү Конвенциясынын жол белгилери жана сигналдарынын мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык регламенттештирилген.

Эреже жолдо жүрүүчүлөрдүн бардыгына тиешелүү.

Регламентирован порядок дорожного движения на территории СССР с учетом международных Конвенций о дорожном движении и о дорожных знаках и сигналах, требований государственных стандартов.

Правила предназначены для всех участников дорожного движения.

3203010000—54
Ж————————41—89
М 451 (11)—

ББК 39.808

ISBN 5-655-00286-8

© Издательство «Транспорт» 1987 г.
©«Кыргызстан» басмасы, кыргызча котормосу, 1989-ж.

Өлкөнүн социалдык-экономикалык жактан тез өнүгүшү менен байланыштуу болгон советтик коомдук курулушунун азыркы этабы, мындан ары укук тартибин чыңдоону коомдун, анын ичинде жолдо жүрүүнүн да коопсуздугун камсыз кылууну талап кылат.

Жолдо жүрүүнүн Эрежеси, жол аймагындагы укукту иретке салуунун, жүргүнчүлөрдү темирдей тартиптин, жоопкерчиликтин, бири-бирине көңүл буруучулуктун жана байкамчылдыктын духунда тарбиялоонун эң маанилүү куралы болуп саналат. Эреженин бардык талаптарын эч кыйшаюусуз аткаруу, транспорттук каражаттар, жөө жүрүүчүлөрдүн көчөлөрдө жана жолдордо өз убактысы менен тынымсыз, эч коопсуз жүрүүсүнүн өбөлгөсүн түзөт.

Жолдо жүрүүнүн коопсуздугун жана тартиптүүлүгүн камсыз кылуудагы өзгөчө роль автотранспорттук жана башка карамагында транспорттук каражаттары болгон ишканалар менен мекемелердин жетекчилерине тиешелүү. Өздөрүнүн укугунун чегинде, алар айдоочулар арасында тарбиялоо ишин уюштурушу жана транспорттук каражаттардын техникалык абалына өтө тыкандык менен көз салып турушу керек. Ушундай эле иштер автомобилдер менен мотоциклдерди сүйүүчүлөрдүн коому жана ошондой эле жеке менчик автомобили же мотоцикли бар айдоочуларды уюмдаштырган башкача бир коомдук түзүлүштөр аркылуу жүргүзүлүүгө тийиш.

Жолдо жүрүүнүн Эрежесин бузгандарга каршы чыдамсыздык менен күрөшүүнү уюштуруу боюнча эмгекчилердин бардык тобунда өтө керектүү иштер жүргүзүлүп турушу керек.

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Бул Эрежелер СССРдин аймагында жолдо жүрүүнү тартипке салуучу бирден-бир норма коюучу токтом болуп саналат.

1.2. СССРде транспорт каражаттары жолдун оң тарабы менен жүрүүсү белгиленген.

1.3. Жол жүрүүчүлөр бул Эрежелердин талаптарын шексиз билүүгө жана сөзсүз аткарууга милдеттүү, алар милиция кызматкерлеринин, жолдо жүрүүнү тартипке салууга укугу бар адамдардын, ошондой эле светофорлордун, жолдорго коюлган (1-тиркемедеги) жана жолдун таманы менен жээгиндеги тосмолорго тартылган (2-тиркемедеги) белгилердин тиешелүү тартипти талап кылган көрсөтмөлөрүн аткаруулары керек.

1.4. Жолдо жүрүүчүлөрдү тартипке салып турууга укук берилген адамдар (аскер тартипке салуучулары, милициянын штаттан тышкары кызматкерлери, дружиначылар, жолду эксплуатациялоо кызматынын кызматчылары, темир жолдун өткөөлдөрүндө, дайрадан сал менен өткөн жерлерде кезекте тургандар ж. б.), өздөрүнө берилген укуктун чегинде гана, иш аракетин жүргүзүүлөрү керек жана жандарына тиешелүү күбөлүктөрүн алып, ошол кызматты түшүндүргөн белгилерди — колго байлануучу белгини тагынып, жезлди, кызыл сигналы (жарыкты чагылдыруучусу) бар тегерек дисканы же желекчени алып жүрүүлөрү тийиш.

1.5. Бул жол Эрежелерин сактаган ар бир жол жүрүүчү өзүнөн башкалар да, Эреженин талабын так аткарышат деп эсептөөгө толук акылуу.

1.6. Жолдо жүрүүчүлөр жана башка адамдар жолдогу транспортторго коркунуч туудурбаганга жана жолтоо болбогонго аракет жасап, мамлекеттик, коомдук мекемелерге жана гражданларга зыян келтирбегендей болушу керек.

Эскертүү. Жана башка адамдар дегенге транспорттук, жолчулук, коммуналдык жана ушул сыяктуу мекемелердин жана өндүрүштөрдүн жооптуу кызматкерлери, жолдо кандайдыр бир жумуш жасап жүрүшкөн жумушчулар, ошондой эле кийлигишүүлөрү жол жүрүүнүн тартибине таасирин тийгизе алган баардык адамдар кирет.

1.7. Жол жүрүүдө бул Эрежедегиден тышкары чек коюулар, колдонулуп жаткан норма коюучу токтомдорго ылайыкталып кабыл алынган тартипте, жолго коюлуучу белгилерди орнотуунун, жолдун таманына, жээгиндеги тосмолоруна чиймесин тартуунун жана светофордун жардамы менен жүргүзүлөт.

1.8. Жол жүрүүнүн өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү жетектөө көрсөт-

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Бул Эрежелер СССРдин аймагында жолдо жүрүүнү тартипке салуучу бирден-бир норма коюучу токтом болуп саналат.

1.2. СССРде транспорт каражаттары жолдун оң тарабы менен жүрүүсү белгиленген.

1.3. Жол жүрүүчүлөр бул Эрежелердин талаптарын шексиз билүүгө жана сөзсүз аткарууга милдеттүү, алар милиция кызматкерлеринин, жолдо жүрүүнү тартипке салууга укугу бар адамдардын, ошондой эле светофорлордун, жолдорго коюлган (1-тиркемедеги) жана жолдун таманы менен жээгиндеги тосмолорго тартылган (2-тиркемедеги) белгилердин тиешелүү тартипти талап кылган көрсөтмөлөрүн аткаруулары керек.

1.4. Жолдо жүрүүчүлөрдү тартипке салып турууга укук берилген адамдар (аскер тартипке салуучулары, милициянын штаттан тышкары кызматкерлери, дружиначылар, жолду эксплуатациялоо кызматынын кызматчылары, темир жолдун өткөөлдөрүндө, дайрадан сал менен өткөн жерлерде кезекте тургандар ж. б.), өздөрүнө берилген укуктун чегинде гана, иш аракетин жүргүзүүлөрү керек жана жандарына тиешелүү күбөлүктөрүн алып, ошол кызматты түшүндүргөн белгилерди — колго байлануучу белгини тагынып, жезлди, кызыл сигналы (жарыкты чагылдыруучусу) бар тегерек дисканы же желекчени алып жүрүүлөрү тийиш.

1.5. Бул жол Эрежелерин сактаган ар бир жол жүрүүчү өзүнөн башкалар да, Эреженин талабын так аткарышат деп эсептөөгө толук акылуу.

1.6. Жолдо жүрүүчүлөр жана башка адамдар жолдогу транспортторго коркунуч туудурбаганга жана жолтоо болбогонго аракет жасап, мамлекеттик, коомдук мекемелерге жана граждандарга зыян келтирбегендей болушу керек.

Эскертүү. Жана башка адамдар дегенге транспорттук, жолчулук, коммуналдык жана ушул сыяктуу мекемелердин жана өндүрүштөрдүн жооптуу кызматкерлери, жолдо кандайдыр бир жумуш жасап жүрүшкөн жумушчулар, ошондой эле кийлигишүүлөрү жол жүрүүнүн тартибине таасирин тийгизе алган баардык адамдар кирет.

1.7. Жол жүрүүдө бул Эрежедегиден тышкары чек коюулар, колдонулуп жаткан норма коюучу токтомдорго ылайыкталып кабыл алынган тартипте, жолго коюлуучу белгилерди орнотуунун, жолдун таманына, жээгиндеги тосмолоруна чиймесин тартуунун жана светофордун жардамы менен жүргүзүлөт.

1.8. Жол жүрүүнүн өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү жетектөө көрсөт-

мөлөрү жана башка норма коюучу токтомдор (атайын жүктөрдү ташуу, айрым бир түрдөгү транспорт каражаттарын эксплуатациялоо, жабык аймактарда ж. б. у. с.) ушул Эрежелердин талаптарына негизделиши керек.

1.9. Бул Эрежелерди бузуучулар СССРдин жана союздук республикалардын учурдагы закондоруна ылайык жоопкерчиликке тартылат.

2. НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР ЖАНА ТЕРМИНДЕР

«Жүргүнчүлөр» — жол жүрүүгө түздөн-түз катышкан жөө жүргөндөр, айдоочу, транспорт каражаттарынын жүргүнчүсү, мал айдаган адамдар.

«Айдоочу» — транспорттун кайсы бир түрүн айдоочу адам.

«Жөө жүрүүчү» — транспорт каражаттарынан сырткары жүргөн, жолдо эч кандай иш аткарбаган адам; жөө жүрүүчүлөргө мотору жок инвалиддик коляскада жүргөндөр, велосипед, мопед, мотоцикл жетелегендер, кол араба, балдардын же инвалиддин коляскасын сүйрөгөндөр да кирет.

«Артыкчылык укугу» — алган багыты боюнча, башка жол жүрүүчүлөргө караганда биринчи болуп жүрө турган укук.

«Жол берүү (жолтоо болбоо)» — жол жүрүүчүнүн багыты, эгерде башка жүрүүчүлөрдү түз жолунан бурулууга же ылдамдыгын өзгөртүүгө аргасыздандырса, анда ал жолун уланта бербөөсү жана кандайдыр бир маневр жасабашы керек деген талап.

«Убактылуу токтоо» — транспорттук каражатты атайлап эле 5 мүнөткө, ал эми жүргүнчүлөрдү салууга же түшүрүүгө, ошондой эле жүк жүктөөгө же түшүрүүгө зарыл керек болсо, анда көбүрөөк убакытка токтоп туруу.

«Токтоочу жай»— жүргүнчү салууга же түшүрүүгө, жүк жүктөөгө же түшүрүүгө эч кандай байланышы жок болсо деле, 5 мүнөттөн көбүрөөк убакытка транспорттук каражатты токтотуучу жай.

«Аргасыздан токтоо» — транспорттук каражаттын техникалык жактан бузулушунун, же тартып бара жаткан жүгүнүн коркунуч туудурушунун, же айдоочунун акыбалынын начарлоосунун аркасында токтоп калуу.

«Кууп өтүү» — карама-каршы жүрүүчү тилкеге чыгып, бир же бир нече транспорттук каражатты кууп өтүп, кайра жолдун мурда өзү келаткан тилкесине түшүү.

«Бүдөмүктөнүү» — тумандын, жаандын, кар түшүүнүн ж. б. у. с. ошондой эле, күүгүм кирип келаткан учурда жолдун 300 метрге жетпеген аралыгынын араң көрүнүшү.

«Сутканын караңгы мезгили» — кечки күүгүмдүн, аягынан баштап таңкы үрүл-бүрүлдүн башталышына чейинки убакыт.

«Жол» — жүрүүгө пайдаланылган бардык кеңдиктеги ар кандай көчөлөр, проспекттер, жолдор, чолок көчөлөр ж. у. с. (буларга тротуарлар, жолдун жээги, жолду экиге бөлүүчү тилкелер да кошулат).

«Негизги жол» — жөн тоңурак жолго караганда үстүнө таш же асфальт төшөлгөн же кесилишүүчү жолдордон 2.1, 2.3.1, 2.3.3 жана 5.1 деген белгилери менен айырмаланган жол. Экинчи мааниде жолдун негизги жол менен кесилишине жакындаган жериндеги асфальт жана башкалардын төшөлүшү, аны кесилишүүчү жол менен бирдей даражага койбойт.

«Жолдун жүрүүчү бөлүгү» — жолдун транспорттук каражаттар жүрүүгө арналган бөлүгү. Жол чек ара сызыктары менен бөлүнгөн бир нече жүрүү тилкесинен турушу да мүмкүн.

Трамвайдын жолу рельсасыз жүргөн транспорттук каражаттардын жолунун бир жак чети болуп саналат.

«Жолдун бөлүп туруучу тилкеси» — жолдун чектеш бөлүктөрүн бөлүп туруучу жана транспорттук каражаттар жүрүүгө, токтоого уруксат эмес бөлүкчөсү.

«Жүрүү тилкеси» — жол белгилери менен белгиленген же белгиленбеген, жазылыгы автомобилдер бир катар жүрүүгө толук мүмкүн болгон, жолдун узатасынан бөлүнгөн тилкелеринин бири.

«Жолдун кесилишкен тоому» - жолдун четинин уландысы көз алдыңа гана тартылып барып, карама-каршы тараптагы жолдун тегерек тарткан айлампасына конулуп, бирдей деңгээлде тутумдашкан же ар таранка тармактанган жолдор тоому.

Жол жээгиндеги аймактардан (короолордон, транспорттук каражаттар токтоочу жайлардан, АЗС-дан ж. б. өндүрүштөрдөн) чыгып кошулган кесилиштер, жолдордун кесилишкен тоомуна жатпайт.

«Тротуар» — чоң жолдун жээгине чектеш же жол боюндагы ичке айдоо тилкеси менен бөлүнүп турган жөө жүрүүчүлөрдүн жолчосу.

«Жөө жүрүүчүлөрдүн жолу» — асфальт же таш төшөлүп, жөө жүрүүчүлөргө атайын жасалган жолчо (ал 4.6 белгиси менен белгилениши да мүмкүн).

«Жөө жүрүүчүлөр өткөөлү» — кара жолдун ылайыктуу бир жерине 5.16.1, 5.16.2 белгилерин коюп жана (же) таманына 1.14.1—1.14.3 сызыктарды чийип, жөө жүрүүчүлөр жолду туура кесип өтүүгө арналган өткөөл.

«Темир жол өткөөлү» — темир жол менен бирдей деңгээлде кесилишкен ар кандай жолдор.

«Калк жашоочу жай» — кире беришине жана бүткөн жерине 5.22—5.25 белгилери коюлган курулуштуу аймак.

«Транспорттук каражаттар» — адамдарды жана (же) жүктү ташуу үчүн жасалган кире.

«Механикалык транспорттук каражаттар» — кыймылдаткыч менен кыймылга келүүчү транспорттук каражаттар. Бул термин тракторлорго жана өзү жүрүүчү машиналарга да колдонулат.

«Мотоцикл» — эки дөңгөлөктүү, жанында чиркегичи бар же жок механикалык транспорт. Мотоциклдерге үч дөңгөлөктүү, жүксүз салмагы 400 кг-дан ашпаган, механикалык транспорттук каражаттар да кирет.

«Мопед» — жумушчу көлөмү 50см^3 чейин болгон кыймылдаткычы бар, максималдык конструктивдүү ылдамдыгы саатына 40 км-ге жеткен эки же үч дөңгөлөктүү транспорттук каражаттар.

«Велосипед» — минип бараткан адамдын булчун күчү менен кыймылга келтирилүүчү, инвалиддик коляскалардан башка транспорттук каражаттар.

«Эл ташуучу транспорттук каражаттар» — буга белгиленген багыт боюнча гана жүрүүчү автобустар, троллейбустар, трамвайлар жана маршруттук таксилер кирет.

«Чиркегич» — механикалык транспорттук каражат сүйрөп-жүрүүчү транспорт. Бул термин жарым чиркегичке жана жүк тартуучу жалпак чанага да колдонулат.

«Толук масса» — даярдап чыгарган өндүрүш аркылуу такталып коюлган толук жабдылган транспорттук каражаттын жүгү, айдоочусу жана жүргүнчүлөрү менен бирдикте алгандагы уруксат берилчү эң жогорку салмак.

Транспорттук каражаттын составынын толук массасына, башкача айтканда, бир бүтүн кире катарында чиркелип жүрүүчү транспорттук каражаттардын салмактары да кошо кирет.

3. АЙДООЧУНУН ЖАЛПЫ МИЛДЕТТЕРИ

3.1. Механикалык транспорттук каражаттардын айдоочулары өзүнүн жанына төмөнкүлөрдү алып жүрүүгө жана текшерип калса милициянын кызматкерлерине, дружинниктерге жана милициянын штаттан тышкары кызматкерлерине берүүгө милдеттүү:

Транспорттук каражаттын ошол категориясын айдоого укугу бар деген күбөлүгүн жана ага кошо берилген талонун;

Транспорттук каражаттын каттоо документтерин;

Жол же маршруттук баракчасын, ташылуучу жүктөргө берилген документтерди (жеке транспорттук каражаттары бар адамдардан башкалар);

Транспорттук каражатка ээлик кылуу укугу берилген, бекитилген тартип боюнча күбөлөндүрүлгөн ишеним баракчасын (жеке транспорттук каражаттын ээси жок кезде) же транспорттук каражат жалпы коомчулуктун менчиги экендигин билдирген күбөлүгүн.

Эскертүү: 1. Жеке менчиктик транспорттук каражаттын ээсинен башка айдоочулар жалпы эл пайдалануучу автомобиль-транспортунун текшерип жөнгө салып туруу кызматынын кызматчыларына токтоосу жана жол (маршруттук) баракчасы менен жүгүнүн, транспортунун документтерин көрсөтүшү керек.

2. Транспорттук каражаттын ээси, ошондой эле транспорттук каражатка ээлик кылууга укук берилген ишеним баракчасы бар адамдар өзү жанында болгон кезде, ошол категориядагы транспорттук каражатты айдоого укугу бар деген документти жанындагы адамдарга өзүнүн ордуна айдоого уруксат бере алат.

3.2. Механикалык транспорттук каражатынын СССРге башка өлкөлөрдөн келген айдоочусу ошондой эле чет мамлекетке баруучу СССРдин гражданин-айдоочусу төмөнкүлөрдү:

транспорттук каражатка каттоо документтерин жана жолдо жүрүүнүн эл аралык келишиминин талабына туура келүүчү айдоочунун күбөлүгүн;

транспорттук каражатында мамлекеттик номер белгисин, ошон-

дой эле транспорттук каражаты катталган мамлекеттик айырмалоочу белгисин алып жүрүүгө милдеттүү.

3.3. Айдоочу буларга милдеттүү:

айдап чыгардын алдында транспорттук каражаттын оңдугун жана комплекттүүлүгүн текшерүүгө;

транспорттук каражаттын жолдо бара жаткандагы техникалык абалына көз салууга;

Коопсуздук кемерлери менен жабдылган автомобилдерде же автобустарда жүрүп баратканда кемерлерди тагынууга, аны тагынбаган жүргүнчүлөрдү ташыбоого (кемерди тагынбай коюуга төмөнкүлөргө: он эки жашка чейинки балдарга, транспорттук каражатты үйрөнчүк адам айдап жүргөндө, аны айдоого үйрөткөн мастерге, калк жашоосу жерлерде булардан тышкары инвалид-айдоочуларга, байланыш кызматынын, оперативдик кызматтардын автомобилдеринин жана таксилердин айдоочулары менен жүргүнчүлөрүнө уруксат);

мотоциклде баратканда мотошлем кийүүгө жана аны кийбеген жүргүнчүнү ташыбоого милдеттүү.

3.4. Айдоочу транспорттук каражатын пайдалануга буларга бериши керек:

милициянын кызматкерлерине, дружиначыларга жана милициянын штаттан тышкаркы кызматкерлерине, медициналык жардам токтоосуз керек болгон адамдарды жакын арадагы дарылоочу мекемелерге жеткирүү үчүн;

кызмат боюнча тапшырылган шашылыш иштерди аткарган милициянын кызматкерлерине;

жол кырсыгына учурап талкаланган же бузулган транспорттук каражаттарды жүктөп жеткирүү үчүн (жүк ташуучу автомобилдерди гана) милициянын кызматкерлерине;

өзү бараткан тарапка барып, жардам көрсөтүүчү медициналык кызматкерлерге, ошондой эле кайсы тарапка болбосун, өмүрү коркунучта жаткан оорулуу адамга бараткан врачка жана медициналык орто кызматкерлерге же болбосо ошондой оорулууларга жакынкы дарылоочу мекемелерге жеткирүүгө макул болууга милдеттүү.

Эскертүү: 1. Милициянын кызматкерлери, дружиначылар жана милициянын штаттан тышкары кызматкерлери айдоочулар талап кылса күбөлүктөрүн көрсөтүшү керек.

2. Транспорттук каражаттарды пайдаланган адамдар айдоочулардын талабы боюнча, ага справка же жол баракчасына (канча убакыт жана аралык жүргөнүн, өзүнүн фамилиясын, кызматын, күбөлүгүнүн номерин иштеген мекемесинин наамын көрсөтүп) жазууга, ал эми медициналык кызматкерлер болсо, атайын кабыл алынган, бекитилген үлгүдөгү талонду берүүгө милдеттүү.

3. Атайын дипломаттык транспорттук каражаттарды пайдалануу бергин деп талап кылууга эч кимдин эч кандай тиешеси жок.

3.5.Ушул Эреженин 26. 10-пунктуна туура келген «Инвалид» деген таанымал белги коюлган автомобилдерди жана мотоколяскаларды айдаган инвалид-айдоочулар 3.2, 3.3, 3.28 белгилеринин талаптарынан баш тарта алышат. 3.27 белгиси күчүндөгү аймактарда 7.18 деген таблицача бар болсо инвалиддердин токтоосуна уруксат берилет.

3.6. Айдоочуга тыюу салынат:

транспорттук каражаттарды алькоголдук же наркотикалык мас абалда айдоого;

эгер жол жүрүүчүлөрдүн коопсуздугуна коркунуч туудура турган болсо, оору же чарчаган абалда, ошондой эле реакциясынын жана байкамчылдыгынын тездигин төмөндөткөн дары-дармектердин таасири тийип турган учурда, транспорттук каражаттарды айдоого;

алькоголдук же наркотикалык мас, ошондой эле оору, чарчаган же реакциясынын жана байкамчылдыгынын тездигин төмөндөткөн дары-дармектердин таасири тийип турган абалдагы адамдарга транспорттук каражаттарды айдоого берүүгө;

Ушул Эрежени 21.2-пунктуна туура келген айдоого үйрөтүү учурунан башка убакта, ошол категориядагы транспорттук каражатты айдоого укуктуу деген күбөлүгү жанында жок же жол (маршруттук) баракчасында көрсөтүлбөгөн адамдарга транспорттук каражатты айдоого берүүгө тыюу салынат.

4. ӨЗГӨЧӨ УЧУРЛАРДАГЫ АЙДООЧУНУН МИЛДЕТТЕРИ

Атайын транспорттук каражаттардын жүрүшү

4.1. Оперативдик кызматтын атайын боёк менен (МАМСТ 21392-75 ке туура келген) боёлуп, жаркылдаган көк маякчасын жандырып жана (же) атайын үн сигналын чыгарып бараткан транспорттук каражатынын айдоочулары кызматы боюнча атайын жумуш аткарып жүргөндө, бул Эреженин (жол жүрүүчүлөрдү тартипке салып туруучунун сигналдары менен 3, 8, 25 бөлүмдөрдүн жоболорунан тышкары) талаптарына баш ийбей коё алышат.

Ушул эле укукту жаркылдаган маякчасын жандырган жана (же) атайын үн сигналын чыгарган транспорттук каражат коштоп бараткан транспорттук каражаттын айдоочулары да пайдаланышат.

4.2. Жаркылдаган көк маякчасын жандырып жана (же) атайын үн сигналын чыгарып келе жаткан транспорттук каражаттары жакындаганда айдоочулар ага жол бериши, а эгерде жүрүүгө мүмкүн болбосо, аларга жана алар коштоп бараткан транспорттук каражаттарга жолтоо болбош үчүн токтошу керек.

Эгерде жакындап келаткан транспорттук каражатта жаркылдаган көк маякчасына кошумча, ошондой эле жаркылдаган кызыл маякчасы да болсо, ар бир багытты көздөй экиден ашык эмес тилкелүү жолдо бараткан багыты бир гана, транспорт каражаттары, ал эми жол тилкеге бөлүнбөгөн болсо, анда карама-каршы келе жаткандары да тротуардын чукул жанына же жолдун жээгине токтошу керек. Аларга жол жүрүүсүн улантууга колоннанын эң артында келе жаткан жаркылдаган көк жана (же) жашыл түстүү маякчасын жандырган транспорттук каражат өтүп кеткенден кийин гана уруксат берилет.

4.3. Жаркылдаган кызгылтым сары маякчасын жандырган транспорттук каражаттардын жана жолду эксплуатациялоо кызматынын машиналарынын айдоочулары жол жумушун жасап жатканда жол

белгилеринин жана жолдун таманы менен жээгине чийилген көрсөтмөлөрдүн, ошондой эле жолдо жүрүүнүн коопсуздугун сактоо менен бул эреженин 10.4, 10.5, 10.7 жана 17.1 пункттарынын талаптарына баш ийбейт. Башка айдоочулар болсо, алардын жумуштарына жолтоо болбошу керек.

Жаркылдаган кызгылтым сары маякча жолдо жүрүүдө артыкчылык укугуна ээ кылбайт, болгону башка айдоочулардын көңүлүн буруп, коркунучтан сак болууларын эскертет.

Жолдогу транспорттук кырсык учурларында айдоочулардын аткарар иши

4.4. Жолдогу транспорттук кырсык учурунда айдоочулар, оошол мезгилде ал жерге келип калганда буларды аткарууга милдеттүү:

Тезинен токтоп жана (же) ошол кырсык болгон жерде туруп, ушул эреженин 8.11-пунктунун талабына туура келген аварияны билдирүүчү жарык сигналын жандырып же авариялык авалда токтоп калды деген белгини (жылтылдап өчүп-жанган кызыл лампаны) коюшу ошондой эле жол кырсыгына байланышы болгон транспорттук каражаттарды жана буюмдарды ордунан козгобоо;

жабыр тарткан адамдарга врач келгенге чейин мүмкүн болгон медициналык жардамдарды көрсөтүп, «медициналык тез жардамды» чакыруу, а эгер чакырууга эч мүмкүнчүлүк жок болсо, анда аларды жакын арадагы медициналык мекеме тарапка бараткан машиналарга салып жөнөтүү же өзүнүн транспорттук каражаты менен жеткирүү жана ошол жерге өзүнүн фамилиясын транспорттук каражатынын номер белгисин (өзүнүн ким экендигин күбөлөндүргөн айдоочулук күбөлүгүн же башка документтин жана транспорттук каражатына берилген каттоо документин көрсөтүп) билдирип, андан соң кырсык болгон кайра баруусу;

болгон окуя жөнүндө милицияга кабарлап, аны өз көзү менен көргөндүн фамилияларын жашаган жерлерин каттап алып, милициянын кызматкерлеринин келишин күтүшү;

кырсыктын издеринин сакталышына колдон келген бардык аракеттерди жасап, аралдын тегерегин тосуп жана кырсык болгон жерди жол жүрүүчүлөрдүн айланып өтүшүн уюштурушу;

эгерде башка транспорттук каражаттар жүрүүгө мүмкүн болбой калса, күбөлөрдүн көзүнчө транспорттук каражаттын жана кырсыкка тиешелүү буюмдар менен издердин турган авалдарын болжол менен тактап жазып коюп, жолду бошотуу керек.

4.5. Эгер жол кырсыгында жабыр тарткан адам жок болсо, материалдык жактан да, анчалык бүлгүнгө учурабаса, айдоочулар кырсык болуп кеткен абалдын шартын туура түшүнүшүп өз-ара макулдашкан соң, транспорттук каражаттары айдоого жараса кырсыктын кандай болгонунун чиймесин болжол менен чийип туруп ага кол коюшуп, бекитилген тартип боюнча кырсыктын болгонун кагаз жүзүндө каттап коюу үчүн алар жакын арадагы ГАИнин постуна же милициянын органына бара алышат.

5. ЖӨӨ ЖҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН МИЛДЕТТЕРИ

5.1. Жөө жүрүүчүлөр бараткан багыт боюнча оң жактагы тротуарлар же жөө жүрүүчүлөр үчүн жолдор, алар жок болсо жолдун чети же эгер жолтоо болбосо велосипеддин жолу менен жүрүүлөрү керек. Инвалиддердин кыймылдаткычсыз коляскасы менен жүргөндө мотоцикл, мопед, велосипед жетелегендер же далдагай неме көтөргөндөр, ал эми башка жөө жүрүүчүлөр болсо тротуарлар, жөө жүрүүчүлөр жана велосипедчилер үчүн жолдор, жолдун жээги жок болсо же бар болгону менен алар аркылуу жүрүүгө мүмкүн болбосо, кара жолдун чети менен бир катарга түшүп жүрө алышат (тилкелерге бөлүнгөн жолдордо сырткы тилкенин оң жаккы чети менен).

Жөө жүрүүчүлөр айыл-кыштактардын сыртында жолдун жээги же чети менен бараткандай транспорттук каражаттарга карама-каршы, ал эми инвалиддердин кыймылдаткычсыз коляскасы менен жүргөндөр, мотоцикл, мопед жана велосипед жетелегендер транспорттук каражаттардын багытында жүрүшү керек.

5.2. Уюшулган адамдардын тобунун коллоннасы жол менен баратканда, анын оң жак четине түшүп басып, ар бир катарына төрттөн көп эмес адам болушу керек. Каз катар тартып, чубай жүргөндөрдүн сол жак четинин алды-артында күндүзү кызыл желекче, түнкүсүн жана алыстан жакшы көрүнбөгөн ава-ырайынын начар убактарында алдыга ак жарыктуу, артта кызыл жарыктуу фонар кармаган узатуучулары болушу керек.

Кичинекей балдардын тобун тротуарларда жана жөө жүрүүчүлөрдүн жолдорунда, эгер алар жок болсо, сутканын жарык мезгилинде гана жолдун жээги менен чоң кишилердин коштоосунда алып жүрүүгө уруксат берилет.

5.3. Түнкүсүн жана алыстан жакшы көрүнбөгөн аба-ырайынын начар убакыттарында жол менен баратканда жөө жүрүүчүлөр мүмкүн болушунча кийимдерине жарыкты чагылдыруучу элементтерди тагып алуулары керек, бул машинанын жарыгында өз убактысында адамды айрып таануу үчүн айдоочуга жардам берет.

5.4. Жөө жүрүүчүлөр жолду өздөрү үчүн жасалган өткөөлдөр аркылуу, алардын ичинде жер алдынан жасалган өткөөлдөр жана жолдун үстүнөн бийик көтөрүлүп салынган көпүрөлөрдөн, булар жок болгон кезде, эки жолдун кесилишинен, тротуарлардын же жолдун жээгинин дал тушунан өтүшү керек. Көз жеткен жерде өткөөл же эки жолдун кесилиши көрүнбөсө, жолдун эки тарабы тең жакшы көрүнгөн ачык жеринен, түптүз туура кесип өтүүгө уруксат берилет.

5.5. Жолдо жүрүүчүлөрдү кезектештирип турган жерлерде жөө жүрүүчүлөр кезектештирүүчүнүн же светофордун сигналына баш ийүүлөрү керек.

Башка убактарда жолду кесип өтүү үчүн жөө жүрүүчүлөргө эч кандай коркунуч жок экенине жана транспорттук каражаттарга жолтоо болбосуна көздөрү жеткен соң гана уруксаат берилет.

Жөө жүрүүчүлөр, жолдун таманына эч кандай зарылчылыгы жок күймөлбөшү же токтобошу керек. Өтүп кетүүгө үлгүрбөгөн жөө жүрүүчүлөр карама-каршы өтүп жаткан транспорттук каражаттардын

агымын бөлүп турган сызыкка же коопсуздуктун аралчасына токтоп турушу керек.

Жолду кесип өтүүнү коркунучтун жок экенине көзү жеткенден кийин гана уланттууга уруксат.

5.6. Жөө жүрүүчүлөргө тыюу салынат:

тилкелерге бөлүнгөн жолду жөө жүрүүчүлөргө өткөөлү коюлбаган жерден, ошондой эле жөө жүрүүчүлөргө карата же жалпы эле жолго коюлган тосмолор бар жерден өтүүгө;

жөө жүрүүчүлөр үчүн жолчолордон, токтоп туруучу жана эс алуучу жерлерден тышкары 5.1. белгиси коюлган жолдо басып жүрүүгө;

жакындап калган транспорттук каражаттын жок экенине көзү жетпей туруп, ыраактан көрүнгө жолтоо болуп токтоп турган транспорттук каражатынын же башка тоскоолдуктун далдаасынан чыгууга тыюу салынат.

5.7. Жаркылдаган маякчасын жандырган жана (же) атайын үн сигналын чыгарган транспорттук каражаттар жакындаганда жөө жүрүүчүлөр жолдон өтпөй токтоп турушу керек.

6.ЖҮРГҮНЧҮЛӨРДҮН МИЛДЕТТЕРИ

6.1. Автобус, троллейбус, трамвай, таксилерди күтүүгө жүргүнчүлөргө отургузуучу аянтчадан уруксат бирилет. Ал эми ал аянтчалар жок болсо, тротуарда же жолдун жээгинде күтүү керек.

6.2. Жүргүнчүлөрдү отургузуу жана түшүрүүнү транспорттук каражаттар толук токтогондон кийин гана жүргүзүүгө уруксат.

Эгер тротуар же жолдун жээги тарабынан эч кандай мүмкүнчүлүк болбогон учурда гана жүргүнчүлөрдү жолдун ички тарабынан отургузууга жана түшүрүүгө болот. Бирок, ал учурда эч кандай коркунучтуу абал түзүлбөшү жана башка жүргүнчүлөргө жолтоо болбошу керек.

6.3. Жүргүнчүлөрдү отургузуучу атайын аянтча жасалбаган трамвай аялдамаларында, трамвайга отуруу үчүн жолдун ортосуна трамвай токтогондон кийин гана чыгууга уруксат. Жүргүнчүлөр трамвайдан түшөрү менен жолдун ортосунан четке чыгып кетүүлөрү керек.

6.4. Жол тартып баратканда жүргүнчүлөр транспорт каражатын айдоочунун көңүлүн алагды кылбашы керек.

6.5. Жүк ташуучу автомобилдердин кузовунда жол тартып бараткан адамдарга, машина жүрүп бараткан учурда туруп турууга, бортторго отурууга жана борттордон бийик салынган жүктөрдүн үстүнө отурууга уруксат берилбейт.

7. ЖОЛДО ЖҮРҮҮНҮ ТАРТИПКЕ САЛЫП ТУРУУ

7.1. Жолдо жүрүү жашыл, сары, кызыл жана агыш-боз өңдүү жарыктуу сигналдары бар светофорлор, ошондой эле милициянын кызматкерлери (тартипке салып туруучулар) менен тартипке салынып турат.

Светофордун сигналдары төмөндөгүдөй маанилерге ээ:

тегерек жашыл сигнал жүрүүгө уруксат берет;

кара түстүн ичиндеги жебе түрүндөгү (жебече) *жашыл сигнал* көрсөтүлгөн багытка, (багыттар) жүрүүгө уруксат берет. Светофордун кошумча бөлүгүндөгү жашыл жебе да ошондой эле мааниге ээ (солго кайрылууга уруксат берген жебе, артка кайрылууга да уруксат берет);

өчүп-жанган жашыл сигнал жүрө берүүгү уруксат берет да, ошону менен бирге анын убактысы бүтүп баратканын жана жакында тыюу салуучу сигнал күйөөрүн кабарлайт.

Жашыл сигналдын дагы канча убакыт (секунд) күйүп турарын айдоочуларга билдирип туруу үчүн сандар жазылып турууучу көрсөткүч пайдаланылса болот;

Сары сигнал жүрүүгө тыюу салат жана жакында алмашуучу сигналдар жөнүндө эскертет;

Өчүп-жанган сары сигнал же алмак-салмак өчүп-жанган эки сары сигнал жүрө берүүгө уруксат берет да, ошону менен бирге жолдун тартипке салынып турулбаган кесилиши же жөө жүрүүчүлөрдүн өткөөлү экендигин кабарлайт;

кызыл сигнал, аны менен берге өчүп-жанганы же алмак-салмак өчүп-жанган эки кызыл сигналы жүрүүгө тыюу салат.

Кызыл менен сары сигналдардын бир убакта күйүшү, жүрүүгө тыюу салат да, ошону менен бирге жакында жашыл сигналдын күйөрү жөнүндө эскертет.

Кызыл жана сары сигналдардын ичине кара сызык менен чийилип тартылган жебелер алардын күчүнүн маанисин өзгөртпөйт, жана жашыл сигнал күйгөндө кайсы тараптарга жүрүүгө уруксат экендитин алдын ала кабарлап турат.

Негизги жашыл сигналдын ичине кара сызык менен чийилип тартылып, анын кошумча бөлүгүнө караганда, башка тараптарга да жүрүүгө уруксат бере алган жебе (жеберлер) айдоочуларга светофордун кошумча бөлүгү бар экинин эскертип турат.

Эскертүү. Эгер светофордун сигналына адамдын сүрөтү салынып жасалса, анда алардын күчү, жөө жүрүүчүлөргө гана тиешелүү болот.

7.2. Жүрүү быгыты карама-каршы тарапка өзгөрүлүп кала ала турган жолдун тилкелериндеги транспорттук каражаттардын жүрүүсүн тартиптөө үчүн Х түрүндөгү кылып жана төмөн баштанткан жебе түрүндөгү жашыл сигналдуу реверсивдик светофорлор колдонулат. Бул сигналдар өздөрү үстүнө коюлган тилке менен жүрүүгө ылайыгына жараша тыюу салат же уруксат берет.

Жолдун таманына чийилген 1.9, белгиси тилкенин эки тарабынан тең жүргүзүлгөн болсо, үстүнө коюлган реверсивдик светофор өчүрүлүп турганда анын ичине кирүүгө тыюу салынат.

7.3. Өзгөчөлөнгөн тилкедеги трамвайлардын, ошондой эле калк пайдаланчу транспорттук каражаттардын жүрүүсүн тартипке салып туруу үчүн» «Т» тамгасы түрүндө жайгашкан жалаң гана агыш-боз түстүү төрт сигналы бар светофорду колдонсо да болот.

Алдыңкы менен бир убакта бир же бир нече жогорку сигнал күйгөн кезде гана жүрүүгө уруксат. Жогорку сигналдардын сол жактагысы күйсө солго, ортоңкусу күйсө түз, оң жактагысы күйсө оңго жүрүүгө уруксат берилет. Эгер жалаң гана жогорку үч сигналы күйсө, анда жүрүүгө тыюу салынат.

7.4. Тартипке салып туруучунун сигналдары болуп, анын тулку-боюнун авалдары эсептелет, ошондой эле колунун шилтеништери да, төмөндөгүдөй маанилерге ээ:

Колдору эки жакка сунулуу же төмөн түшүрүлүү болсо:

сол жана оң капталдарынан трамвайлардын түз жүрүшүнө, рельса менен жүрбөгөн транспорттук каражаттар түз жана оңго жүрүшүнө, жөө жүрүүчүлөргө болсо жолду кесип өтүүгө уруксат берет;

алды-аркасындагы бардык транспорттук каражаттарга жана жөө жүрүүчүлөргө жолун улантууга тыюу салынат.

Оң колу алдыга сунулуп турса:

Сол жак капталы тараптан трамвайдын солго кайрылып кетүүсүнө рельса менен жүрбөгөн транспорттук каражаттарга бардык тарапка жүрүшүнө;

бет алдынан болсо, бардык транспорттук каражаттар оңго гана бурулуусуна уруксат берилет;

оң жак капталындагы менен аркасындагы бардык транспорттук каражаттарга жүрүүгө тыюу салынат;

жөө жүрүүчүлөргө болсо жолду тартипке салып туруучунун аркасынан кесип өтүүгө уруксат.

Колу жогору көтөрүлүп турса:

бардык транспорттук каражаттарга жана жөө жүрүүчүлөргө баардык тарапка тең жүрүүгө тыюу салынат.

Тартипке салып туруучу айдоочулар менен жөө жүрүүчүлөргө түшүнүктүү ар кандай башка сигналдарды да бере алат.

Байкоого жакшы болуу үчүн, тартипке салып туруучу кыска ала таякчаны, же болбосо кызыл сигналы же жарыкты чагылдырчу элементи бар дисканы колдонот.

Ышкырып сигнал берүү, жолдо жүрүүчүлөрдүн көңүл буруусу үчүн пайдаланылат.

7.5. Светофордун же тартипке салып туруучунун тыюу салуучу сигналынын учурунда айдоочулар токто сызыгынын алдына, (ал жок болсо, жөө жүрүүчүлөргө жолтоо болбой турган болуп жолдун кесилишинин четине) же жөө жүрүүчүлөрдүн өткөөлүнүн алдына, ал эми тартипке салынып туруучу жолдордун башка жерлеринде — светофордун алдына токтошу керек.

7.6. Сары сигнал күйгөндө же тартипке салып туруучу колун өйдө көтөргөндө токтой албай калган айдоочуларга, шашылыш түрдө катуу тормоз берип жүрбөй эле, ушул Эреженин 7.5 пунктунда аныкталгандай жерлерде жолун уланта берүүгө уруксат берилет. Сигнал болгон убакта, жолдун таманында өтүп бараткан жөө жүрүүчүлөр жолун улантып, тиги четке чыгып кетүүсү же болбосо жолдун ортосундагы коопсуздук аралчасына же карама-каршы жүрүүчү транспорттук каражаттардын агымынын ортосун бөлүп туруучу сызыкка токтоп турушу керек.

7.7. Айдоочулар менен жөө жүрүүчүлөр тартипке салып туруучунун сигналдары менен көрсөтмөлөрү светофордун сигналдарына, жол белгилери менен жолдун бети жана жээгине тартылган сызыктарга туура келбегенине карабай анын буйругуна баш ийүү керек.

8. АЛДЫН АЛА ЭСКЕРТҮҮ СИГНАЛЫ

8.1. Алдын ала эскертүүнүн сигналы болуп: кайрыла турганын көрсөтүүчү жарык сигналы же кол менен көрсөтүлгөн белги; үн сигналы; фаранын жарыгын өчүрүп жандыруу; күндүзү фаранын жакын аралыкты жарык кылуучу жарыгын жандырып алуу; авария болгонду билдирүүчү сигналдарды жандыруулар эсептелет.

8.2. Айдоочулар, кайрыла турган жагын көрсөтүүчү жарык сигналын жандыруусу, эгер анысы жок же бузук болсо, анда колу менен сигнал берүүсү керек. Аны алар:

жүрөрдүн жана токтоордун алдында;

бир тилкеден экинчи тилкеге өтөөрдө, бурулаарда же артка кайрылаарда жасашат.

8.3. Солго бурулуунун сигналына, сол колду түз сунуп чыгаруу же оң колду чыгарып туруп, чыканагын ийип тике өйдө көтөрүү туура келет.

Оңго бурулуунун сигналына оң колду түз сунуп чыгаруу же сол колду чыгарып туруп, чыканагын ийип тике өйдө көтөрүү туура келет.

Тормоз берүүнүн сигналы болуп, сол же оң колду чыгарып, тике өйдө көтөрүү эсептелет.

8.4. Кайрыла тургандыгын көрсөтүүчү жарыктары менен же кол менен сигнал берүү кайрыла баштаардан бир топ мурда берилиши керек да, кайрылып бүтөөрү менен өчүрүлүшү тийиш. (Кол менен берилген сигнал болсо, так гана кайрылардын алдында токтотулат). Эгерде жолдо жүрүүчүлөрдүн түшүнүгүн чаташтырып жибере турган болсо, анда ал сигналды бербей эле коюу керек.

Солго же артка кайрылардагы алдын ала эскертүү сигналын айдоочу артындагы ашып өтмөкчү болуп калышкан айдоочулардын эч кемисине жолтоо болбогон учурда гана бере баштайт.

Сигнал берүү айдоочуга артыкчылык бербейт жана аны сак болуу аракеттерин жасоодон бошотпойт.

8.5. Жолдогу транспорттук кырсыктан тышкары болуу зарылчылыгы туулган учурдан башка убакта калк отурукташкан жайларда үн сигналын берүүгө тыюу салынат.

8.6. Куып өтүп бараткан айдоочунун көңүлүн буруу максатында фаранын жарыгын өчүрүп жандыруу колдонулат, ал эми, калк отурукташкан жайлардан сырткары жерлерде үн сигналы да берилсе болот.

8.7. Эгерде башка айдоочулардын көзүн уялтса, анын ичинде машинанын артындагыларды көрө турган күзгү аркылуу да, эскертүүчү белги берүү максатында фаранын алысты көрсөтүүчү жарыгын колдонууга тыюу салынат.

8.8. Күндүн жарык убактарында транспорттук каражаттардын жүрүп келатканын билдирүү үчүн фаранын жакынды көрсөтүүчү жарыгы төмөнкү учурларда күйгүзүлүп коюлат:

мотоцикл минип баратканда:

уюмдашып чогуу бараткан чубамада;

5.9 белгиси коюлган тилке менен транспорттук каражаттардын жалпы агымына карама-каршы жүргөндө;

уюштуруп туруп балдарды автобустар же жук ташуучу автомобилдер менен тартып баратканда;

көлөмү өтө чоң жана салмагы өтө оор жүктөрдү тартып бараткан да;

механикалык транспорттук каражаттарды чиркеп алып бараткан да;

жасалма жарыктар коюлган тешкен тоолордун ичинде транспорттук каражат келатканын билдирүү максатында габариттик жарыктарын же фаранын жакын аралыкты көрсөтүүчү жарыгын күйгүзүп алуу керек.

8.9. Чиркелип сүйрөтүлгөн механикалык транспорттук каражатта сутканын кайсы гана убактысында болсо да габариттик жарыктары жандырылып коюлушу керек, ал эми алары оң болбогон учурда транспорттук каражаттын артына авария болуп токтоп калгандыктын белгиси илинип коюлууга тийиш.

8.10. Авариянын жарык аркылуу берилүүчү сигналы төмөнкү учуларда жандырылышы керек:

токтоого уруксат жок жерге аргасыздан токтоп калганда;

жолдо транспорттук кырсык болгондо;

жолдун каранғы жерлеринде же иңирт-боз түшүп алды жагы жакшы көрүнбөгөн мезгилде бир аз аялдап же ордунан жылбай көпкө токтоп турганда көргөзүүчү же болбосо бир орунда турганда күйгүзүп коюучу жарыктары иштебей калган кезде.

8.11. Эгер авариянын билдирүүчү сигналы жок же бузук болсо, ошондой эле 100 метрге жетпеген аралык гана көрүнгөн жерге айласыздан токтоп калса, механикалык транспорттун жанында (чиркеген люлкасы жок мотоциклден башкасын) айдоочу жок дегенде бир жак тарабына авария болуп токтогондун белгисин же жылтылдап өчүп жанып турган кызыл фонарды коюшу керек. Ал калк отурукташкан жайларда транспорттук каражаттан 15—20 метрден, ал эми сырт жерде болсо 30—40 метрден кем эмес алыстыкта коюлат.

9. ОРДУНАН КОЗГОЛО БАШТОО, ЖҮРҮҮ БАГЫТЫН ӨЗГӨРТҮҮ

9.1. Жүрөрдүн алдында, бир тилкеден экинчи тилкеге өтөөрдө жана башка жактарга жүрүү багытын өзгөртөөрдө анысы эч кандай коркунуч туудурбасына жана башка жүргүнчүлөргө жолтоо болбошуна айдоочу толук ишенүүгө милдеттүү.

9.2. Короодон, токтоп туруучу жайдан автомобилдерге күйүүчү май куюучу станциялардан, жана башка жол боюндагы аймактардан

жолго чыгаарда айдоочу жолдо бараткан транспорттук каражаттарга жана жөө жүрүүчүлөргө жол бериши керек.

Жолдон сыртка кайрыларда, айдоочу өзү кесип өтө турган жөө жүрүүчүлөрдүн жана велосипедчендердин жолундагыларга жол берип анан өтөт.

9.3. Бир тилкеден экинчи тилкедегилердин агымына өтөөрдө, айдоочу адегенде ошол тилкеде келаткан транспорттук каражаттарга жол бериши керек. Жарыша катар баратышкан транспорттук каражаттар бир эле убакта бир тилкеден экинчи тилкедеги агымга өтүшсө, айдоочу өзүнүн оң жагындагы транспорттук каражаттарга жол бериши керек.

9.4. Айлампа жолдун кесилишиндеги бурулуштан башка жерде оңго, солго жана артка кайрылардын алдында айдоочу күн мурунтан эле бараткан тилкесинин эң четине чыгуусу керек.

Кайрылуу, транспорттук каражаттар жолдун кесилишинен чыгып баратканда, карама-каршы келе жаткан жүргүнчүлөр жакка өтүп кетпегендей болуп жүргүзүлүшү керек.

9.5. Эгерде транспорттук каражат көлөмүнүн чоңдугунан же дагы бир башка себептер менен жолдун эң четинен кайрыла албаса, анда башка транспорттук каражаттарга жолтоолук кылбай турган учурда бул Эрежени бузуп, мүмкүнчүлүгүндөй кайрылууга уруксат. Жолдо жүрүүчүлөрдүн коопсуздугун сактоо үчүн, айдоочу керек болсо башка адамдардын көмөктөшүүсүн пайдаланышы ыктымал.

9.6. Темир жол менен жүрбөгөн транспорттук каражаттардын айдоочулары, эки жолдун кесилишинен сырткары жерде солго же артка кайрыларда карама-каршы келаткан транспорттук каражаттарды өткөрүп жиберүүлөрү керек.

Эгерде жол кууш болуп так ортосунун сол жак четинен артка кайрылууга эч мүмкүндүк келбесе, анда жолдун оң жак четинен (оң жактагы жээгинен) кайрылууга уруксат. Ал кезде кайрылып жаткан айдоочу, жолдун эки тарабына тең кетип жатышкан транспорттук каражаттарына жол берип күтүп турушу керек.

9.7. Транспорттук каражаттардын жол учугу кесилишсе, бирок алардын кимиси мурун өтүүгө укуктуу экендиги бул Эрежеде айтылбаса, андай учурда айдоочу оң жагынан жакындап келаткан транспорттук каражатка жол берүүгө милдеттүү.

9.8. Ылдамдыкты төмөндөтө турган тилке бар болсо, кайрылууну ойлогон айдоочу өз убактысында ага кайрылып, анан ошол тилкеде гана ылдамдагын азайтышы керек.

Жолго чыгуучу жерде ылдамдыгын жогорулатып алганча жандап жүрүп барып, анан транспорттук каражаттардын агымына кошулуп кетүүчү, күүлөнүп алуучу, тилкеден чоң жолго чыгарда айдоочу чоң жолдогу келаткан транспорттук каражаттарга жол берет.

9.9. Артка карылууга тыюу салынат:

жөө жүрүүчүлөрдүн өткөөлдөрүн тепсеп;

жер алдындагы жолдордо;

көпүрөнүн, жолдордун кесилишиндеги биринин үстүнөн экинчиси өткөн көпүрөлөрү менен эстакадалардын үстүндө жана астында;

темир жол өткөөлүн тепсеп;

жок дегенде бир жагынын алысты көрүү аралыгы 100 метрге жетпеген учурда.

9.10. Транспорттук каражаттын артын көздөй айдаган айдоочу жолдо бараткан башка жүргүнчүлөргө жолтоо болбошу керек. Жолдо жүрүүчүлөргө коркунучтук туулбашы үчүн, керек болгон учурда ал башка адамдардан жардам суроого милдеттүү.

10. ТРАНСПОРТТУК КАРАЖАТТАРДЫН ЖОЛДО ЖАЙГАШУУСУ

10.1. Рельса менен жүрбөгөн транспорттук каражаттардын жүрүшү үчүн тилкелердин саны сызыктар же 5.8.1, 5.8.2, 5.8.7, 5.8.8, белгилери менен белгилешет, а эгер алар жок болсо, анда жолдун жазылыгына, транспорттук каражаттардын көлөмүнө жана алардын ортосунда шексиз калуучу аралыкка жараша айдоочулардын өздөрү тарабынан аныкталат.

10.2. Төрт же андан көп тилкелүү эки тарапка жүрө турган жолдо, карама-каршы жүрүүчү тарапка өтүүгө тыюу салынат.

10.3. Үч тилкелүү эки тарапка жүрө турган жолдо ортоңку тилкесине куун же айланып өтүү, солго же артка кайрылуу үчүн гана чыгууга руксат берилет. Транспорт каражаты карама-каршы жүрүүчү солдогу четки тилкеге чыгууга тыюу салынат.

10.4.Айдоочулар транспорттук каражаттарын калк отурукташкан жайлардан сырткары жерлерде колдон келишинче жолдун оң жак четине жакын айдашы керек.

Калк отурукташкан жайларда тилкелердин бардыгы менен жүрүүгө руксат, бирок ошентсе да, бир багытка жүрүү үчүн рельса менен жүрбөгөн транспорттук каражаттардын үч же андан көп тилкеси бар болсо, сол жактагы эң четки тилкеге чыгууга, башка тилкелерде жолдо жүрүп бараткандар өтө көп учурда, ошондой эле, солго, артка кайра буруларда жана бир багытка гана жүргөн жолдо токтогондо руксат берилет. Толук массасы 3,5 тоннадан жогору жүк ташуучу автомобилдерге сол жактагы эң четки тилкеге чыгууга солго, артка кайра кайрыларда жана бир багытка гана жүргөн жолдо жүк жүктөө же жүк түшүрүү үчүн токтогонго руксат.

10.5. Ылдамдыгы саатына 40 км-дан ашууга мүмкүн эмес болгон же техникалык жактан бир себептер менен кадимкидей ылдам жүрө албаган транспорттук каражаттар куун өтүү, алдыга өтүп алуу, айланып, өтүп жана солго же артка кайрылардын алдында тилкеден тилкеге которулуу учурунан башка убакта, оң жактагы эң четки тилке менен гана жүрүүлөрү керек.

10.6. Жолдун бети менен бирдей деңгелде болуп жана сол тарабында жайгашкан, башка тилкелерде жолдо жүрүүчүлөр өтө көп болгондо, айланып өтүү, алдыга чыгып алуу, ошондой эле жолдордун кесилишинен өтүүдө — эгерде тилкелердин саны жана алар менен жүрүү 5.8.1 жана 5.8.2 белгилери менен көрсөтүлүп коюлбаса, бир багыттагы трамвайдын жолу менен жүрө берүүгө руксат берилет, бирок ал учурда трамвайга жолтоолук болбошу керек.

Карама-каршы жүрүүчү трамвайдын жолуна чыгууга тыюу салынат.

10.7. Узун сызыктар чийилип, тилкелерге бөлүнгөн жолдордо, транспорттук каражаттар сөзсүз тилкенин ичинде сызыктан чыкпай жүрүшү керек. Кыска-кыска болуп чийилген сызыктарды басууга бир тилкеден экинчи тилкеге өтүү учурунда гана уруксат берилет.

10.8. 5.37 белгиси коюлган реверсивдүү (каалаган жакка жүрүүгө боло турган) жолго кайрылуучу айдоочулар оң жактагы эң четки тилке менен жүрүшү керек. Башка тилкеге которулууга реверсивдик светофордон же башка тилкелер менен жүрүүгө уруксат берүүчү 5.8.7 белгисинен өткөндөн кийин гана уруксат берилет.

10.9. Жолдо кыймыл өтө көп болуп, бардык тилкелер бош бойдон турган мезгилде, тилкеден тилкеге өтүүгө буруларда, артка кайрылаарда жана токтоордо гана уруксат берилет.

10.10. Тротуарлар менен жөө жүрүүчүлөрдүн жолчолорунун боюна жайгашкан соода, жана башкалардын мекемелерин тейлөөчү транспорттук каражаттарга жана жол ишин аткаруучу машиналарга алар менен жүрүүгө уруксаат берилет.

11. ЖҮРҮҮНҮН ЫЛДАМДЫГЫ ЖАНА АРАЛЫК

11.1. Айдоочу жол жүрүүчүлөрдүн кыймылы күчөп тургандыгын, транспорттук каражат менен жүктүн өзгөчөлүгүн жана абалын, жол менен аба ырайынын шарттарын, көбүн эсе алды жагынын көрүнүшүн эсепке алып, транспорттук каражатты коюлган чектен ашпаган ылдамдык менен айдашы керек.

Байкоого чамасы келгидей учурда пайда боло калган тоскоолдуктун же жүрүүгө коркунучтуу абалдын убагында, айдоочу транспорттук каражаттын ылдамдыгын токтоп калганга чейин жайлатууга, же башка жол жүрүүчүлөргө кооптуулук келтирбей тургандай болуп, аны айлынап өтүүгө аракет жасашы керек.

11.2. Калк отурукташкан жайларды бардык транспорттук каражаттарга саатына 60 км-дан ашпаган ылдамдык менен жүрүүгө уруксат берилет.

11.3. Калк отурукташкан жайлардан сырткары жерлерде:

жеңил автомобилдерге, ошондой эле бардык салмагы 3,5 т-дан ашпаган жүк ташуучу автомобилдерге автомагистралдарда — саатына 110 км-га чейин, калган жолдордо – 90 км-га чейин;

шаарларга жүрүүчү, саякатчыларды ташуучу, өзгө кичине автобустарга жана мотоциклдерге бардык жолдордо — саатына 90 км-га чейин;

башка автобустарга, прицеп чиркелген автомобилдерге, бардык салмагы 3,5 т-дан жогору болгон жүк ташуучу автомобилдерге автомагистралдарда саатына 90 км-га чейин, калган жолдордо 70 км-га чейин;

стажы 2 жылга жетпеген айдоочу айдаган транспорттук каражаттарга бардык жолдордо — саатына 70 км-га чейин жүрүүгө уруксат берилет.

11.4. Союздук (областтарга бөлүнбөгөн) же автономиялык республикалардын Министрлер Советинин, крайлык, областтык, шаардык эл депутаттар Советинин аткаруу комитетинин чечими боюнча бир топ эле катуу ылдамдыкта жүрүүгө жолдордун шарты туура келген бөлүктөрүндө, транспорттук каражаттар үчүн ушул Эреженин 11.2- же 11.3-пункттарында көрсөтүлгөн ылдамдыктар жогорулатылып коюлушу мүмкүн. Мындай жерлерге ылайыктуу белгилер коюлат.

11.5. Айдоочуларга буларга тыюу салынат:

транспорттук каражаттын техникалык мүнөздөмөсү боюнча аныкталган максималдуу ылдамдыктан ашууга;

ушул Эреженин 26.13-пунктуна ылайыктуу транспорттук каражатка орнотулган айрып таануучу белгидеги көрсөтүлгөн ылдамдыктан ашууга;

эч кажатсыз эле өтө жай жүрүп, башка транспорттук каражаттарга жолтоолук кылууга;

жүрүп баратканда, алдынан эч кандай коркунучтук туулбаса деле катуу тормоз берүүгө.

11.6. Жүрүп бараткан ылдамдыгына карата, айдоочу алдында бараткан транспорттук каражаттан кокустан тормоз берип калса, ага урунуп калбагыдай аралыкты сактоого, ошондой эле коопсуздукту сактай турган жан жагынын белгилүү өлчөмдөгү аралыгын да сактоого милдеттүү.

11.7. Калк отурукташкан жайлардан сырткары жерлердеги жолдордо ылдамдыгы саатына 50 км-дан ашууга мүмкүн эмес болгон транспорттук каражаттардын, ошондой эле бардык салмагы 12 тоннадан жогору болгон транспорттук каражаттардын айдоочулары, өзүнүкү менен алдындагы транспорттук каражаттын ортосундагы аралыкты, аларды кууп өтүп бараткан транспорттук каражаттар жолдун оң жак четине эч жолтоосуз өтө алгыдай кылып сактап жүрүүлөрү керек. Эгерде айдоочу кууп өтүүгө камданып калса, ошондой эле жолдо жүрүүчүлөр өтө көп болсо, бул талаптын эч кандай күчү болбойт.

12. КУУП ЖАНА КАРАМА-КАРШЫ ӨТҮҮ

12.1. Кууп өтө баштаардын мурда, айдоочу:

өзүнүн артынан келаткан айдоочулардын эч кимисине жолтоо болбогонуна, алар кууп өтүүгө камдана электигине;

ошол эле тилкеде, алдыда бараткан транспорттук каражаттын айдоочусу солго кайрылам (тилкеден тилкеге өтөм) деп сигнал берген жокпу;

кууп өтүп баратканда карама-каршы келаткан транспорттук каражаттарга тоскоолдуктар түзүлбөдүбү;

кууп өткөн соң, ошол транспорттук каражатка эч тоскоолдук келтирбей, мурдагы тилкесине кайра түшө алабы — мына, ушулардын баарына толук ишениши керек.

12.2. Артта калып жаткан транспорттук каражаттардын айдоочу-

ларына; кууп өтүп бараткандарга ылдамдыгын жогорулатып жарыша жүрүп же башка аракеттер менен тоскоолдук кылууга тыюу салынат.

12.3. Кууп өтүүгө тыюу салынат:

кесилишкен жолго караганда негизги болуп эсептелген жолдун кесилишиндеги кууп өтүүдөн башка жердеги жол кесилиштеринде;

темир жолдун өткөөлүндө жана ага 100 метрден жакын аралыкта;

жонго көтөрүлөөргө жакын калганда, чукул бурулуштарда жана жолдун ыраактан көрүүгө мүмкүн болбогон бөлүктөрүндө.

12.4. Эгерде калк отурукташкан жайлардан сырткары жерлерде жай жүргөн, көлөмү өтө чоң же транспорттук каражаттын белгилеп коюлган ылдамдыгын сактаган жол жүрүүчүнү кууп өтүүгө, жолдун анчалык жакшы эместиги жана кууштугу, анын үстүнө карама-каршы келаткандардын аягы үзүлбөгөндөгү тоскоол болсо, анда жай келаткан айдоочу мүмкүн болушунча жолдун оң жак четине жакын жүрүшү, керек болсо токтоп, артындагы жыйылып кеткен транспорттук каражаттарды өткөрүп жиберүүгө милдеттүү.

12.5. Эгерде карама-каршы шар өтүп кетүүгө мүмкүнчүлүк жок болсо, анда жолу тосулган айдоочу жол берет. Талапка ылайыктуу белги коюлган өр жолдордо тоскоолдукка учурап калганда, эңкейишке түшүп келаткан транспорттук каражаттын айдоочусу жол берүүгө милдеттүү.

13. АЯНДОО ЖАНА ТОКТОП ТУРУУ

13.1. Аяндоого жана токтоп турууга, транспорттук каражаттарга жолдун оң жагына, мүмкүн болушунча анын четиндеги түзөнчөнүн такай оң тарабына, ал жок болсо жолдун мизинин четине уруксаат берилет.

Калк отурукташкан жайларда, бир багытка гана жүргөн жолдордун жана ошондой эле ортосунда трамвайдын жолдору жок, эки тарапка жүрүүчү бирден тилкелери бар жолдордун сол жак четинде аяндоого жана токтоп турууга уруксат берилет.

13.2. Жолдун мизинин четине транспорттук каражаттарды бир катар, капталында чиркегичи жок мотоциклдерди, мопеддерди жана велосипеддерди эки катар коюп, аяндоого жана токтотуп турууга уруксат.

Транспорттук каражатты жолдун мизинин четине кыйгачтантып коюуга, башка транспорттук каражаттардын жүрүүсүнө жолтоолугу болбогон жерде гана уруксат берилет.

13.3. Калк отурукташкан жайлардан сырткары жерлерде узакка токтоп туруу үчүн (эс алууга, түнөөгө) атайын жасалган аянттарга кайрылууга же жолдон обочо чыгып кетүүгө гана уруксат берилет.

13.4. Айдоочу өзүнүн ордун же болбосо транспорттук каражатты, эгер сөзсүз көрүлүүчү сактыктар: транспорттук каражат өзүнөн өзү жүрүп кетпей турган же айдоочу жокто аны башка бирөө пайдалана албагандай чаралар көрүлгөн болсо гана таштап кете алат.

13.5. 7.6.1 таблицачасы менен бирге 5.15 белгиси коюлган тротуардын жээгиндеги узакка токтоочу аянттарга, транспорттук каражаттарды жолдун четине, тротуарды гана бойлото коюуга, ал эми 7.6.2—7.6.9 таблицачаларынын бири менен ушул эле белги кошо коюлган жерге, жеңил автомобилдерди жана мотоциклдерди таблицачада көрсөтүлгөндөй кылып токтотууга уруксат.

Эгерде жөө жүрүүчүлөргө жолтоо болбосо булардан башка жерлерде, жолдун такай жээгиндеги тротуардын четинде (аны бир аз же толук тепсеп) токтоп турууга, жеңил автомобилдерге жана мотоциклдерге гана уруксат берилет.

13.6. Эгерде башка жол жүрүүчүлөргө коркунучтук туудуруп жолтоолук келтиргидей болсо, токтоп турган транспорттук каражаттын эшигин ачууга тыюу салынат.

13.7. Аяндоого жана токтоп турууга тыюу салынат:

эгерде жүрүүсүнө жолтоолук келтирсе, трамвайдын жолунун үстүнө жана ошондой эле ага жакын жерге;

темир жол өткөөлдөрүнүн үстүнө, жер астынан өткөн жолдордо жана эстакадалардын, көпүрөлөрдүн, эки жолдун кесилишиндеги көпүрөнүн астына;

Үзүксүз узун чийин менен аяндап бара жаткан транспорттук каражаттын ортосундагы аралык 3 метрден жакын болгон жерлерде;

жөө жүрүүчүлөр өткөөлүнүн үстүнө жана ага 5 метрден жакын аралыкка;

Үзүксүз узун же тилкелерге бөлгөн чыбырчык чийиндери бар жолдордун үч тараптуу кесилишиндеги, каптал жактан кошулган жолдун каршы тушуна аяндоого жана токтоп турууга уруксат экендигин эсепке албаганда, жолдордун мизинин кесилишинин четине 5 метрден жакын аралыкта;

эгерде жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорттук каражаттарга же таксилерге жолтоолук кылса, аялдама аянттарына, ал жок болсо, аялдаманын көрсөткүчүнө 15 метрден жакын аралыкка;

светофордун сигналдарын же жол белгилерин транспорттук каражат башка айдоочуларга көрсөтпөй далдалап калган жерлерде.

13.8. Токтоп турууга тыюу салынат:

калк отурукташкан жайлардан сырткары жерлерде: опурталдуу бурулуштарга жакын, жолдун жан жактарындагы ийри-буйруланып чыгып турган урчуктуу жерлерде бир жагынан ачыктыгы эле 100 метрден аз болсо;

темир жол өткөөлдөрүнөн: калк отурукташкан жайларда 50 метрден, андан тышкары жерлерде 100 метрден жакын аралыкта;

көпүрөлөрдүн, эстакадалардын жана эки жолдун кесилишиндеги көпүрөлөрдүн үстүндө;

мындан башка, токтоп турган транспорттук каражат башка транспорттук каражаттардын жүрүшүнө (кирүүгө жана чыгууга) эч мүмкүнчүлүк бербесе, же жөө жүрүүчүлөргө тоскоолдук келтирсе.

14. ЖОЛ КЕСИЛИШТЕРИНЕН ӨТҮҮ

14.1.Солго же артка кайрылардын алдында, айдоочу карама-каршы багыттагы түз келаткан же оңго кайрылып жаткан транспорттук каражаттарга жол бериши керек.

14.2. Оңго же солго кайрылардын алдында, айдоочу жолдун өзү кайрылып жаткан тарабындагы жөө жүрүүчүлөргө, ошондой эле, жолдун ошол бөлүгүн велосипеддин жолу менен велосипедчен өтүп бараткандарга жол бериши керек.

14.3. Бир убакта жүрүүгө укуктары тең болгон учурда, трамвайлардын айдоочулары артыкчылыкка ээ болушат.

14.4. Башка транспорттук каражаттарга тоскоол болчудай болуп айдоочуну токтоого аргасыздандырып, эгер артына транспорттук каражаттар чогулуп калса, анда ага жолдун кесилишине чыгууга тыюу салынат.

Тартипке салынып туруучу жол кесилиштери

14.5. Светофордук уруксат берүүчү сигналынын учурунда жол кесилишине кирип калган айдоочу, кесилиштен чыкканча светофордун сигналынын өзгөрүлгөнүнө карабай, мурдагы бет алган багыты боюнча жолун улай бериши керек. Бирок да, эгерде жол кесилишинин ичинде, багыт алган жактагы светофордун алдында «токто» сызыгы бар болсо, айдоочу ар бир светофордун сигналына өзүнчө баш ийиши керек.

14.6. Светофордун жүрүүгө уруксат берген сигналы күйсө да, айдоочу адегенде светофордун мурда уруксат берген сигналынын багытындагы транспорттук каражаттар жан жактарга же артка кайрылып үлгүрмөйүнчө, аларга жол берип күтүп турууга милдеттүү.

14.7. Светофордун кызыл же сары сигналы менен кошо бир мезгилде күйгөн кошумча бөлүктүн жашыл жебечеси көрсөткөн багытка бараткан айдоочу, башка багыттардан келаткан транспорттук каражаттарга жол берет.

14.8. Жол кесилиштери кошумча бөлүгү бар светофор менен тартипке салынып турса, кайрылып кете берүүгө болгон тилкеге түшүп алган айдоочунун кокус аяңдап сигналдын алмашуусун күткөнү артынан ошол эле тилке менен келе жаткан башка транспорттук каражаттарга тоскоолдук келтирсе, анда жебечеси көрсөтүп күйүп турган сигнал тарапка токтоосуз жолун улантышы керек.

14.9. Эгерде тартипке салынып туруучу жол кесилишиндеги светофор өчүрүлүп коюлса же сары сигнал гана жылтылдап өчүп-жанып турса, анда айдоочу ал жерге коюлган артыкчылык белгилерине баш ийиши керек.

Тартипке салынбаган жол кесилиштери

14.10. Даражалары бирдей эмес жолдордун кесилиштеринде, экинчи даражадагы жолдо жүрүп бараткан транспорттук каражат-

тын айдоочусу, негизги жол менен кесилишке жакындап келаткан транспорттук каражаттарга жол бериши керек.

14.11. Даражалары бирдей жолдордун кесилишинде, айдоочу оң тарабынан жакындап келаткан транспорттук каражаттарга жол берет.

14.12. Кокустан негизги жол кесилиштен багытын өзгөртсө, аны менен жүрүп бараткан айдоочулар бирдей даражадагы жолдордун кесилишинин эрежесин колдонушуп, өз ара бири бирин түшүнүшү керек. Ушул эле эрежени экинчи даражадагы жолдо бараткан айдоочулар да, өз ара колдонууга милдеттүү.

14.13. Эгерде айдоочу жолго эмне төшөлгөнүн айрып биле албаса (карангыда, кар басып калганда ж. б. у. с.), артыкчылык белгиси да коюлбаса, мындай учурда, ал өзүн экинчи даражадагы жолдомун деп эсептеши керек.

15. ЖӨӨ ЖҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ӨТКӨӨЛҮҮ ЖАНА КООМДУК ТРАНСПОРТТУК КАРАЖАТТАРДЫН АЯНДООЛОРУ

15.1. Жөө жүрүүчүлөрдүн тартипке салынып турбаган өткөөлүнө жакындаган транспорттук каражаттын айдоочусу, ар кандай тоскоолдуктарды же опурталдуулуктарды пайда кылбашы үчүн, жолдун өзү бараткан багытынын бөлүгүн туура кесип өткөн жөө жүрүүчүлөрдү өткөрүп, же ылдамдыгын азайтышы, же аяндашы керек.

15.2. Эгерде жөө жүрүүчүлөрдүн тартипке салынып турбаган өткөөлүнүн алдына транспорттук каражат токтоп калса, башка транспорттук каражаттар анын алдында жөө жүрүүчүлөрдүн жок экендигине көздөрү жеткенден кийин гана жолдорун уланта алышат.

15.3. Бардык убакта, анын ичинде жөө жүрүүчүлөрдүн өткөөлүнөн башка жерлерде да, ак таяк менен сигнал берген сокурларды жолдон өткөрүп жиберүү айдоочулардын милдети.

15.4. Жөө жүрүүчүлөрдүн тартипке салынып турган өткөөлдөрүндө жана жол кесилиштеринде светофордун уруксат берүүчү сигналы күйгөндө же тартипке салып турууучунун уруксат кылган сигналы берилгенде да, айдоочу өзү бараткан багыттагы жолдун бөлүгүндөгү жөө жүрүүчүлөр өтүп кетишине мүмкүнчүлүк берүүгө милдеттүү.

15.5. Эгерде ары жагына транспорттук каражаттар жыйылып токтоп калып, айдоочуну жөө жүрүүчүлөрдүн өткөөлүнүн үстүнө туруп калууга аргасыздандырса жана анысы жөө жүрүүчүлөрдүн өтүшүнө тоскоолдук келтире турган болсо, алардын өткөөлүн тепсеп кирүүгө тыюу салынат.

15.6. Айдоочу аялдамада турган (жолдун ортосунда) бир багытка жүрүүчү трамвайга бараткан же андан келаткан жөө жүрүүчүлөргө жол берүүгө милдеттүү.

15.7. Балдарды тартып баратат, деген айрып тааныу белгиси тагылган токтоп жаткан транспорттук каражатка жакындаганда, айдоочу туура кесип өтүп бараткан балдарга жол берүүгө милдеттүү.

16. ТЕМИР ЖОЛ ӨТКӨӨЛДӨРҮ

16.1. Темир жол өткөөлүнөн өтмөкчү болгон айдоочу, жакындап калган поездге (локомотивге, дрезинге) жол бериши керек.

16.2. Өткөөлдүн жанына келгенде, айдоочу жакындап калган поезддин жоктугуна ишениши жана тосмосунун авалына, жарык аркылуу берилчү сигналдарына, жол белгилери менен чийимдерине, ошондой эле өткөөлдүн нөөмөтчүсүнүн буйруктары менен сигналдарына баш ийиши керек. Жүрүүгө тыюу салынган сигнал болуп, нөөмөтчүнүн турган авалы: айдоочуга бет маңдай карап же жонун салып, башынан өдө жезлди (кызыл желекти) көтөргөнү же колдорун эки жакка сунганы саналат.

16.3. Жабык же жаңы жабылып жаткан тосмого, ошондой эле светофордун уруксат бербеген сигналына (тосмонун кандай турганына, ал турсун жоктугуна) карабай темир жол өткөөлүнөн өтүп кетүүгө тыюу салынат. Эгер светофор өчүрүлүп, а тосмо ачык же таптаза жок болсо, жакындап келаткан поезддин жоктугуна көзү жеткенден кийин гана, өткөөлдөн өтө баштоого айдоочуга уруксат берилет.

16.4. Жакындап келаткан поездди өткөрүп жиберүү керек болсо жана өткөөлдөн өтүүгө тыюу салынып турса, айдоочу: «токто» сызыгынын, 2.5 белгисинин, светофордун жанына, а эгер алар жок болсо — тосмодон 5 метрден кем эмес алыстыкта, ал эми тосмо да жок болсо, өзү жактагы четки рельсадан 10 метрден кем эмес алыстыкта токтоп турушу керек. Өткөөлдүн алдында токтоп туруп, анан кайра жүрөрдөн мурда, айдоочуга жакындап калган поезддин жоктугуна толук көзү жетиши керек.

16.5. Айдоочуну так темир жолдун үстүнө токтоп калууга аргасыздандыруучудай болуп, өткөөлдүн ары жагы бошобой жатса, ага аны көздөй алга умтулууга тыюу салынат.

16.6. Темир жол өткөөлүнүн так үстүнө айласыздан токтоп калганда, айдоочу элдин баарын жерге түшүрүшү жана өткөөлдү бошотуунун аракетин жасашы керек.

Эгерде транспорттук каражатты өткөөлдөн чыгарып кетүүгө мүмкүнчүлүк болбосо, айдоочу:

жакындап келаткан поезддин машинистине токтогун деп, кантип сигнал берүүнүн эрежесин түшүндүрүп туруп, мүмкүн болсо жол бойлотуп, эки тарапка эки кишини өткөөлдөн 1000 метр аралыкка (эгерде бир эле киши болсо, анда аны кайсы начар көрүнгөн тарапка) жибериши керек.

өзү транспорттук каражаттын жанында калып, жалпы коркунучту билдирип чуу көтөргөн сигналды бериши керек;

поезд көрүнө калса, токтоонун сигналын берип, аны көздөй жүгүрүү керек.

Эскертүү. Токтотуунун сигналы болуп — колун тегеретип (күндүзү ачык түстүү кездеменин айрындысы же болбосо жакшы байкалган кандайдыр бир нерсе менен, түнкүсүн — шамана же фонар менен) айлантуу саналат. Жалпы коркунучту билдирип чуу көтөргөн сигнал болуп — узакка созулган бир жана үч жолу кыска сигнал кылып кайталап туруу саналат.

16.7. Айдоочуга тыюу салынат:

Бекемдеп жүктөлбөгөн абалда: айыл чарбасынын, жол жумушунун, курулуштардын жана башкалардын машиналарын темир жол өткөөлү аркылуу алып өтүүгө;

атайын белгиленип коюлбаган жерден темир жолду кесип өтүүгө;

жабык тосмонун алдында турган транспорттук каражатты айланып алдыга чыгууга;

тосмону өзү ачып алууга же аны айланып өтүүгө.

16.8. Темир жол аралыктарынын начальнигинин уруксаты боюнча гана, темир жол өткөөлүнөн өткөрүлө тургандар:

туурасы 5 метрден жазы же жолдун бетинен баштап алганда бийиктиги 4,5 метрден (жүгү менен же жүксүз эле) бийик болгон транспорттук каражаттар жана башка өзү жүрүүчү машиналар;

узундугу бир чиркегичи менен 20 метрден, ал эми эки же андан көп чиркегичи менен 24 метрден ашык болгон автопоезддер;

өзгөчө оор жүк тарткан атайын транспорттук каражаттар:

ылдамдыгы саатына 8 км-дан аз болгон жай жүрүүчү машиналар, ошондой эле трактор сүйрөгөн чаналар менен чийнелер.

16.9. Кире тарткан арабалар (чаналар) темир жол өткөөлүнөн үчтөн ашык эмес араба (чана) болуп, топ-топко бөлүнүп кезек менен өтүшү керек. Арабакечтердин ар бири сактыкты бекем сакташы керек.

Көп мал өткөөлдөн эч кандай коркунучсуз айдалып өтө тургандай кылынып, айдап бараткан адамдардын санына жараша топ-топко бөлүштүрүлүшү керек.

17. АВТОМАГИСТРАЛДАР МЕНЕН ЖҮРҮҮ

17.1. Автомагистралдарда (5.1 белгиси коюлган жолдо) тыюу салынат:

жөө жүрүүчүлөрдүн, велосипедчилердин, мопеддердин, тракторлор менен өзү жүрүүчү машиналардын жана башка механикалык транспорттук каражаттардын, мындайча айтканда техникалык мүнөздөмөсү боюнча же абалы боюнча ылдамдыгы саатына 40 км-дан ашпагандардын жүрүшүнө;

бардык салмагы 3,5 тоннадан жогору болгон жүк ташуучу автомобилдердин экинчи тилкеден ичкери өтүшүнө;

5.15 же 6.11 белгиси коюлган, токтоп туруучу атайын аянтчадан сырткары жерге аяндоого.

тилкелерде болгон сызыктардын ачык жерлеринен тилкеге кирүүгө жана артка кайрылууга;

кетенчиктеп артка жүрүүгө;

үйрөнчүктөрдүн жүрүшүнө.

17.2. Автомагистралдардын мизине аргасыздан токтоп калган учурда, айдоочу транспорттук каражаттын ушундай учурлар үчүн атайын бөлүнүп коюлган тилкеге (жолдун мизин бөлүп турган сызыктын оңураак четиндеги жолдун бир бөлүгүнө) алып чыгуунун аракетин жасоого тийиш.

Атайын токтоп туруучу аянтчадан сырткары жерге аргасыздан токтоп калган транспорттук каражаттын айдоочусу, ушул Эреженин 8.10, 8.11-пункттарынын талабына ылайык белги коюшу керек.

18. КООМДУК ТРАНСПОРТТУК КАРАЖАТТАРДЫН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

18.1. Жолдордун кесилишинен тышкары жерлерден трамвайдын жолу менен рельсасыз жүргөн транспорттук каражаттардын жолу кесилишип калганда, трамвай артыкчылыкка ээ болот.

18.2. Коомдук транспорттук каражаттар үчүн тилкеси бар, 5.9, 5.10.1—5.10.3 белгилери коюлган жолдо башка транспорттук каражаттардын ал тилке менен жүрүшүнө жана ага токтошуна тыюу салынат. Бирок да, эгер ал тилке жолдун башка бөлүктөрүнөн чийимдин үзүксүз узун сызыгы менен бөлүнбөй жана оң жактагы четте болуп, 5.9 белгиси коюлса, айдоочулар оңго буруларда ага которулуп өтүшү керек. Ошондой эле, ага оңго бурулуучу жолго чыгарда жана жүргүнчүлөрдү отургузуп же түшүрөөрдө которулуп өтүүгө уруксат берилет.

18.3. Калк отурукташкан жайларда айдоочулар белгиленип коюлган аялдамадан чыгып бараткан троллейбустарга жана автобустарга жол бериши керек. Троллейбустар менен автобустардын айдоочулары өздөрүнө жол берип жаткандарына ишенгенден кийин гана аялдамадан чыга башташат.

19. ТЫШКЫ ЖАРЫК БЕРҮҮЧҮ ПРИБОРЛОРДУ ПАЙДАЛАНУУ

19.1. Механикалык транспорттук каражат менен сутканын караңгы мезгилинде, көчөнүн жарык коюлбаган жерлеринде — фаранын жакынды же алысты жарыктандыра турган жарыгын жандырып, ал эми жарык коюлган жерлеринде — фаранын жакынды жарыктандыра турган (туманга каршы күйгүзүлүүчү) жарыктын же транспорттук каражаттын тулкун гана көргөзгөн жарыгын жандырат.

19.2. Карама-каршы келе жаткан транспорттук каражаттан 150 метрден кем эмес аралыктан алысты жарыктандыруучу жарыкты, жакынды жарыктандыруусуна көтөрүү керек, ошондой эле карама-каршы келаткан транспорттук каражаттын айдоочусу эгер фарасынын жарыгын кайта-кайта өчүрүп жандырып суранса да ошентиш керек. Айдоочу бөлөк учурларда да: жарыгы башка айдоочулардын, анын ичинде өзү менен бир багытка бараткандардын көзүн уялтса, анда жакынкы жарыктандырууга өтүшү керек.

Көзү уялып көрбөй калганда, айдоочу авариялык сигналын жандырышы керек да, бараткан тилкесинен эч жакка чыкпастан, ылдамдыгын төмөндөтүп, анан токтоп турушу керек.

19.3. Сутканын караңгы мезгилдеринде жана ыраактан жакшы көрүнбөгөн учурларда, жолдун караңгы жеринде аялдай калганда же токтоп турганда, механикалык транспорттук каражаттардын тулкун

көрсөтүүчү же токтоп турганда күйгүзүлүп коюучу жарыктары жандырылышы керек. Кокустан алар бузук болуп калса, анда транспорттук каражат жолдон сырткарыга чыгарылып коюлушу, а эгер бул да мүмкүн болсо, ушул Эрежении 8.10- жана 8.11-пункттарынын талабына ылайыктуу белгилер менен белгиленип коюлушу керек.

19.4. Туманга каршы колдончу фараны төмөнкү учурларда пайдалана алат:

ыраактан жакшы көрүнбөгөн мезгилдерде жалгыз өзүнчө да, фаранын жакынды же алысты жарыктандыруусу менен бирге да;

сутканын караңгы мезгилдеринде жолдордун жарык коюлбаган жерлеринде фаранын жакынды же алысты жарыктандыруучу жарыгы менен бирге;

ушул Эрежении 8.8-пунктунда каралгандагыдай учурларда — фаранын жакынды жарыктандыруучу жарыгынын ордуна.

19.5. Прожектор-фараны жана издөөчү-фараны калк отурукташкан жайлардан сырткары, карама-каршы келаткан транспорттук каражаттар жок жерлерде гана колдонууга уруксат берилет. Калк отурукташкан жайларда мындай фараларды оперативдик кызматтардын автомобилдеринин айдоочулары гана кызматы боюнча тапшырма аткарып жүргөндө пайдалана алат.

19.6.Туманга каршы күйгүзүлүүчү арткы фонарлар, ыраактан жакшы көрүнбөгөн учурларда гана пайдаланылат.

19.7. Ушул Эрежении 26.6-пунктуна ылайыкталып орнотулган автопоезддин белгиси, ал жүрүп баратканда, ошондой эле сутканын караңгы мезгилинде аянтдан же көпкө токтоп турганында күйгүзүлүп коюлат.

20. МЕХАНИКАЛЫК ТРАНСПОРТТУК КАРАЖАТТАРДЫ БУКСИРЛӨӨ

20.1. Буксирге алынган транспорттук каражат түз жүргөндө сүйрөп бараткан транспорттук каражаттын изинен чыкпагандай авалды камсыз кылып жасалган катуу чиркегич менен буксирлегенден башка убакта, чиркегичи катуу же ийилгич болгонуна карабай, айдоочусу болмоюнча уруксат берилбейт.

20.2. Ийилгич чиркегич менен чиркегенде буксирленчү транспорттук каражаттын тормоздук тетиктери жана рулдук башкаруулары, ал эми катуу чиркегич менен чиркелгенде, рулдук башкаруусу оң болушу керек.

Рулдук башкаруусу бузук транспорттук каражат жарым жартылай минтизин жүктөө жолу менен буксирленет.

20.3. Сүйрөгөн жана чиркелген транспорттук каражаттардын аралыгы катуу чиркегич менен 4 метрден, ийилгич чиркегич менен 4—6 метрден ашпашы керек.

Ийилгич чиркегич менен сүйрөткөн кезде, ушул Эрежении 26.14 пунктуна ылайыктуу чиркегичтен ар бир метринен кийин желекче же сигналдык муунакчалар менен белгиленип коюлат.

20.4. Буксирлеп бараткан учурда ылдамдык саатына 50 км-дан ашпашы керек.

20.5. Буксирлөөгө төмөнкү учурда тыюу салынат:

Жол тайгак учурда ийилгич чиркегич менен;

Чиркелген транспорттук каражат менен чогуу алганда, жалпы узундугу 24 метрден ашып кетсе;

жанында чиркегичи жок мотоцикл менен, ошондой эле, так ошондой мотоциклдерди;

Бирден ашык механикалык транспорттук каражатты (Мамавтоинспекторлордун макулдугу боюнча чиркегич менен, же жарым жартылай мингизип жүктөө жолу менен эки механикалык транспорттук каражатты буксирлөө болгондон башка убакта) чиркөөгө;

эгер тормоздук тетиктери бузук, чиркелүүчү транспорттук каражаттын накта салмагы, сүйрөөчү транспорттук каражаттыкынан жарым эсе оор болсо.

20.6. Катуу же ийилгич чиркегич менен сүйрөтүү учурунда, буксирленүүчү автобуска жана жук ташуучу автомобилдин кузовуна адамдарды салууга, ал эми жарым жартылай мингизип жүктөө жолу менен чиркегенде — буксирленген транспорттук каражаттын кабинасында жана кузовунда, ошондой эле сүйрөгөн транспорттук каражаттын кузовунда да, адамдардын болушуна тыюу салынат.

21. АЙДООГО ҮЙРӨНҮҮ

21.1. Транспорт каражатын алгачкы ирет айдоо тегереги тосулган аянттарда же автодромдордо өткөрүлүшү керек.

21.2. Үйрөнчүктөрдүн транспорттук каражатты айдашына уруксат берилген жолдордо, ушул Эреженин талаптарын аткарууга, ошондой эле жакшы билүүгө милдеттүү болгон жана транспорттук каражатты башкарып бир топ көнүгүп калган үйрөнчүккө, машыктырып жүргөн устаты (окутуучусу) менен бирге жүрүүгө гана жол берилет. Көнүгүп айдап жүргөн мезгилинде үйрөнчүктөр коопсуздук курун тартынып алуулары керек.

21.3. Окутуучу мекеменин машыктыруучу устатынын айдоого үйрөтүүгө укуктуу деген документтери болушу керек.

Айдоону өз алдынча үйрөткөн устаттын 3 жылдан кем эмес айдоочулук стажы болууга тийиш, ошол эле учурда, жеңил автомобилге үйрөнүүчү адам 16 жаштан, мотоциклге үйрөнүүчү — 14 жаштан төмөн эмес болушу керек.

21.4. Айдоого үйрөтүү жүргүзүлүп жаткан механикалык транспорттук каражаттар ушул Эреженин 26.12-пунктуна туура келген айырмалап туруучу белги менен белгилениши керек. Ал эми окутуучу мекемелердин үйрөнүүчүлөрү айдоочу автомобили, мындан тышкары үйрөтүүчүлөр үчүн кошумча жалгаштыруунун жана тормоздун баскычтары, артты карай турган күзгү менен жабдылышы керек.

22. АДАМДАРДЫ ТАШУУ

22.1. Жук ташуучу автомобилдер менен адамдарды ташуу өтө тартиптүү, тажырыйбалуу жана С, Д категориясындагы транспорттук каражаттарды айдоого укугу бар күбөлүктүү (аскердик айдоочулар үчүн болсо, ВАИ тарабынан берилген атайын күбөлүктүү) айдоочуларга ташырылышы керек.

22.2. Адамдарды ташууга пайдаланылган жүк ташуучу автомобиль кузовунун бортунун үстүнкү кырынан 15 см-дан кем эмес төмөн кылып, бекем орнотулган отургучтар менен жабдылууга тийиш. Арткы же капталдардагы бортторго бойлото орнотулган отургучтар бекем жөлөнгүчтүү болушу керек.

Кабинанын сыртына, кузовдо олтурган адамдар жете турган жерге көлөмү эки литрден кем эмес болгон, жецил-желпи чыгарылып алынуучу өрт өчүргүч орнотулуу керек.

Жеткирилүүчү адамдардын саны олтургучтун олтурууга эсептелип орнотулган санынан ашпоого тийиш.

22.3. Жук ташуучу автомобилдин айдоочусу жүргүнчүлөрдү салып жүрөрдүн алдында, аларды олтуруунун жана түшүүнүн, ошондой эле жайгашуунун тартиптерин түшүндүрүп, аны менен бирге, жүрүп баратканда туруп турууга тыюу салынаарын да эскертиши керек.

Жүргүнчүлөрдү коркунучсуз ташуунун талаптары камсыз кылынганына көзү жеткенден кийин гана, ордунан жыла баштаса болот.

22.4. Балдардын тобун автобус менен алып жүрүүдө, алар менен кошо бирден кем эмес, ал эми жүк ташуучу автомобилдин кузовунда, экиден кем эмес коштоочу чоң адамдар болушу керек. Бул транспорттук каражаттардын алдында жана артында ушул Эреженин 26,8 пунктуна ылайыктуу айырмалоочу белгилер тагылууга, ал эми кузовдун борттору болсо, таманынан алганда үстүнкү кырына чейин 0,8 метрден кем эмес болгондой кылып, бийиктетилүүгө тийиш.

22.5. Жүк ташуучу автомобилдин кузовунда адамдар баратканда, анын ылдамдыгы саатына 60 км-дан ашпоого тийиш.

22.6. Адамдарды ташууга ылайыкталып жабдылбаган жүк ташуучу автомобилдин кузовуна түшүп жүрүүгө: жүктү коштоп бараткан же алып келмекчи болгон адамдарга гана, борттон жазып кылып, отура турган орун камдалып берилген учурда уруксат берилет.

Чүмбөттөлгөн кузовдордо адамдарды ташууга төмөнкү учурда гана — эгерде жасалышы ошого ылайыкташтырылган жана Мамавтоинспекторлор менен макулдашылган болсо уруксат.

22.7. Адамдарды төмөнкү учурда ташууга тыюу салынат:

автомобилдин (жүк ташуучу автомобилдин кузовунда адамдарды ташуу учурунан башка убакта), трактордун, өзү жүрүүчү башка машиналардын кабиналарынан сырткары жерлерине, жүк жүктөлүүчү чиркегичке, чиркегич-дачага, жүк ташуучу мотоциклдин кузовуна салып;

12 жашка чейинки балдарды эсепке албаганда, транспорттук каражаттын техникалык мүнөздөмөсүндө көрсөтүлгөндөн ашык сандагы адамдарды салууга;

12 жашка чейинки балдарды жеңил автомобилдин алдыңкы отургучуна отургузууга (балдар үчүн атайын жасалган отургучу жок болсо) жана мотоциклдин арткы отургучуна мингизүүгө.

22.8.Шаарлар ортосунда жүрүүчү жана саякатчыларды ташуучу автобустардын айдоочулары жолго чыгаардын алдында кырсык учурунда чыгуучу жерлерди кантип пайдалануу керек экендигин жүргүнчүлөргө үйрөтүп коюшу керек.

22.9. Жалпы калк пайдаланчу транспорттук каражаттар менен жүргүнчүлөрдү ташуунун тартиби тийиштүү уюмдар тарабынан түзүлөт.

23. ЖҮКТӨРДҮ ТАШУУ

23.1. Ташылуучу жүктүн салмагы (жүргүнчүлөр) жана ошондой эле ар бир ок темирге туура келүүчү салмак, ошол транспорттук каражатка, даярдап чыгарган өндүрүш тарабынан аныкталып коюлган эң жогорку чегинен ашпаш керек.

23.2. Транспорттук каражатка, жүк төмөнкүдөй кылып жүктөлүшү, а эгер керек болсо бекитилиши керек:

жолдо жүрүүчүлөрдү коркунучка кабылтпашы, жерге түшүп калбашы жана сүйрөлбөшү;

айдоочуга далдоо болбошу;

транспорттук каражаттын туруктуулугун бузбашы жана аны башкарууну оордотпошу;

транспорттук каражаттын тышындагы жарык берүүчү приборлорду, жарыкты кайра чыгылдыруучу жасалгаларды, номердик жана айырмалоочу белгилерди, ошондо эле кол менен көрсөтүлө турган сигналдарды далдаалабагандай;

калдыратып-күлдүрөтпөй, чаң сапырбай жана айлана-тегеректи булгабагыдай.

23.3. Төмөнкү учурларда жүк ушул Эреженин 26.14-пункту менен туура келгендей кылып, белгиленип коюлушу керек:

эгерде ал транспорттук каражаттын тулкунун алдынан же артынан 1 метрден ашык чыгып калса;

эгерде жүктүн туурасынын эң чети, транспорттук каражаттын тулкун гана жарык кылуучу алдыңкы же арткы жарыктарынын тышкы кырынан 0,4 метрден көбүрөөк ашып кетсе.

23.4. Эгерде жүк жүктөлгөндөн кийин же болбосо жүгү жок деле, тулкунун чоңдугу белгиленген өлчөмдөн: бийиктиги боюнча жолдун бетинен тартып 4 метрден, туурасы боюнча 2,5 метрден, узундугу боюнча бир чиркегичтүү автопоезд 20 метрден, эки же андан көп чиркегичтүү автопоезд 24 метрден ашык болбосо же жүктүн узундугу транспорттук каражаттын тулкунун артынан 2 метрден көбүрөөк чыгып турса, аны менен жолдо жүрүү үчүн Мамавтоинспекторлорунан уруксат алынууга тийиш.

24. ВЕЛОСИПЕДЧИЛЕРДИН, МОПЕДДЕРДИН, АРАБАЛАРДЫН ЖАНА АЙДАП БАРАТКАН МАЛДАРДЫН ӨТҮШҮНӨ КАРАТА КОШУМЧА ТАЛАПТАР

24.1. Велосипедчен, араба (чана) айдап, жүк артынып, салт атчан же көп мал айдап жол менен жүрүүгө 14 жаштан, ал эми мопед айдоого 16 жаштан жогоркуларга уруксат.

Союздук (областка бөлүнбөгөн) же автономиялык республикалардын Министрлер Советинин, крайлык, областтык эл депутаттарынын Советтеринин аткаруу комитетинин чечими боюнча жогорудагылардын эң төмөнкү курагын дагы ылдыйлатышы ыктымал, бирок ал эки жаштан көп болушу мүмкүн эмес.

24.2. Велосипед, мопед мингендер жана араба (чана) айдагандар ушул Эрежени билерин далилдеген документтерин өздөрү менен кошо ала жүрүшү керек. Ал эми транспорттук каражаттарда болсо номер белгиси болууга тийиш. Булардын болушу эгер союздук (областтарга бөлүнбөгөн) же автономиялык республикалардын Министрлер Советинин, крайлык, областтык эл депутаттар Советинин аткаруу комитетинин чечими боюнча ошондой чечилген учурда гана талап кылынат.

24.3. Велосипедде жакшы иштеген тормоз менен коңгуроо болуш керек.

Караңгыда жана алыстан жакшы көрүнбөй бүдөмүктөнүп турган учурда велосипеддин алдына ак жарыктуу фонарь (фара), артына — кызыл фонарь же жарыкты кайра чагылдыргыч, ал эми эки жак капталына болсо — кызгылт сары же кызыл өңдүү жарыкты кайра чагылдыргычтар орнотулушу керек.

24.4. Арабанын түзүлүшүн ойлоштурып жатканда эле эске алына турган артка кетирбей кармоочу таканчыгы жана токтоп турганда коюп коюлуучу жакшы иштеген тормозу болуш керек. Караңгыда жана бүдөмүктөнүп жакшы көрүнбөй турган мезгилдерде жол жүрүп бараткан арабага (чанага) алдына ак жарыктуу бир фонарь же ак түстөгү жарыкты кайра чагылдыргычтан экиии, артына — кызыл фонардан бирди же кызыл түстөгү жарыкты кайра чагылдыргычтан экини тагып коюу керек.

24.5. Велосипедчен, мопед, араба (чана) менен атчан же кара малдын башкаларын мингендер, жолдо жүргөн учурларында жолдун оң жак четинен 1 метрден алыс эмес аралыкта бир катарга түшүп жүрүүгө гана уруксат берилет. Жолдун четинен көбүрөөк алыстоого бир нерсени айланып өткөндө, солго же артка кайрылганда гана мүмкүн. Жолдун эң четиндеги түзөтүп коюлган жери менен, эгер жөө жүрүүчүлөргө жолтоолук кылбаган учурда гана жүрүүгө болот. Велосипедчилердин жана арабалардын (чаналардын) чубаган калың тобу. жол менен баратканда 10 велосипедден же 5 арабадан (чанадан) болгон топторго бөлүнүп жүрүшү керек. Ал топтордун аралыктары 80—100 метр болууга тийиш.

24.6. Көнүмүш катарында мал жол менен күндүн жарык кезинде айдалат жана мал айдагандар мүмкүн болушунча жолдун оң жак четине такай айдоого тийиш.

ЖОЛ БЕЛГИЛЕРИ

ЭСКЕРТҮҮЧҮ БЕЛГИЛЕР



1.1
Шлагбаумдуу темир жол өткөөлү



1.2
Шлагбаумсуз темир жол өткөөлү



1.3.1
Бир багытта өтүүчү темир жол



1.3.2
Көп багыттуу өтүүчү темир жол



1.4.1



1.4.2



1.4.3



1.4.4



1.4.5



1.4.6

Темир жол өткөөлүнө жакындоо



1.5
Трамвайдын жолу менен кесилиш



1.6
Бирдей маанидеги жолдордун кесилиши



1.7
Айланып өтүүчү жолду кесип өтүү



1.8
Светофордук иретке салып туруу



1.9
Ачылма көпүрө



1.10
Жээкке жакындоо



1.11.1
Коркунучтуу бурулуш



1.11.2



1.12.1
Коркунучтуу бурулуштар



1.12.2



1.13.
Өтө эңкейиш жол



1.14
Өтө ер жол



1.15
Тайгак жол



1.16
Өңгүл-дөңгүл жол



1.17
Таш чачырайт



1.18.1



1.18.2
Жол ичкерет



1.18.3



1.19
Эки тараптуу кыймыл



1.20
Жөө адамдар өтүүчү жер



1.21
Балдар



1.22
Велосипед жолу менен кесилиш



1.23
Жол жумуштары



1.24
Мал айдап өтүүчү жай



1.25
Жапайы айбанаттар



1.26
Таш кулайт



1.27
Капталдан шамал согот



1.28
Самолеттор жапыс учат



1.29
Төшкен тоо



1.30
Ар кандай коркунучтар

1.31.1



1.31.2



1.31.3




Бурулуштардын багыттары

АРТЫКЧЫЛЫГЫ БАР БЕЛГИЛЕР



2.1
Негизги жол



2.2
Негизги жолдун бүтүшү



2.3.1
Экинчи маанидеги жол менен кесилиш



2.3.2
Экинчи маанидеги жол кошулат




2.3.3.




2.4
Жол бергиле



2.5
Токтобой отүүгө тыюу салынат



2.6
Бет маңдай келаткан транспортко артыкчылык берилет



2.7
Бет маңдай келаткан транспорттон артыкчылыгы бар

ТЫЮУ САЛУУЧУ БЕЛГИЛЕР



3.1
Кирүүгө тыюу салынат



3.2
Жүрүүгө тыюу салынат



3.3
Механикалык транспорт каражаттарынын жүрүүсүнө тыюу салынат



3.4
Жүк ташуучу автомобилдердин жүрүүсүнө тыюу салынат



3.5
Мотоциклдердин жүрүүсүнө тыюу салынат



3.6
Тракторлордун жүрүүсүнө тыюу салынат



3.7
Чиркегич менен жүрүүгө тыюу салынат



3.8
Унаада жүрүүгө тыюу салынат



3.9
Велосипедчен жүрүүгө тыюу салынат



3.10
Адамдар жүрүүгө тыюу салынат



3.11
Салмакты чектөө



3.12
Ок темирге келтирилген күчтү чектөө



3.13
Бийиктикти чектөө



3.14
Жазылыгын чектөө



3.15
Узундугун чектөө



3.16
Эң эле жакын аралыкты чектөө



3.17.1
Таможня



3.17.2
Коркунучтуу жер



3.18.1
Оңго бурулууга тыюу салынат



3.18.2
Солго бурулууга тыюу салынат



3.19
Артка кайрылууга тыюу салынат



3.20
Куып өтүүгө тыюу салынат



3.21
Куун өтүүгө тыюу салынган зонанын бүтүшү



3.22
Жүк ташуучу автомобилдердин куун өтүшүнө тыюу салынат



3.23
Жүк ташуучу автомобилдердин куун өтүшүнө тыюу салынган зонанын бүтүшү



3.24
Жогорку ылдамдыкты чектөө



3.25
Жогорку ылдамдыкты чектөө зонасынын бүтүшү



3.26
Үн сигналын берүүгө тыюу салынат



3.27
Токтоого тыюу салынат



3.28
Токтоп турууга тыюу салынат



3.29
Айдын так эмес сандуу күндөрүндө токтоп турууга тыюу салынат



3.30
Айдын жуп сандуу күндөрүндө токтоп турууга тыюу салынат



3.31
Бардык чектөөлөрдүн зонасынын бүтүшү


БАГЫТТООЧУ БЕЛГИЛЕР



4.1.1
Түз кетет



4.1.2
Оңго кетет



4.1.3
Солго кетет




4.1.4
Түз же оңго кетет



4.1.5
Түз же солго кетет



4.1.6
Оңго же солго кетет



4.2.1
Тоскоолдуктун оң тарабынан өтүү



4.2.2
Тоскоолдуктун сол тарабынан өтүү



4.2.3
Тоскоолдуктун эки тарабынан өтүү



4.3
Айланма жол



4.4
Жеңил автомобилдер гана жүрөт



4.5
Велосипеддин жолу



4.6
Жөө адамдар жүрүүчү жол




4.7
Төмөнкү ылдамдыкты чектөө



4.8
Төмөнкү ылдамдыкты чектөө зонасынын бүтүшү

ИНФОРМАЦИЯЛЫК-КӨРСӨТКҮЧ БЕЛГИЛЕР



5.1
Автомагистраль



5.2
Автомагистралдын бүтүшү



5.3
Автомобилдердин жолу




5.4
Автомобилдердин жолунун бүтүшү



5.5
Бир багытка жүрүүчү жол



5.6
Бир багытка жүрүүчү жолдун аягы




5.7.1

5.7.2
Бир багытка жүрүүчү жолго чыгуу



5.8.1
Жолдун тилкелери боюнча жүрүүнүн багыттары



5.8.2
Ар бир тилке менен жүрүүнүн багыттары



5.8.3
Тилкелердин башталышы






5.8.4




5.8.5



5.8.6
Тилкелердин бүтүшү



5.8.7



5.8.8




5.9
Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорт каражаттары жүрүүчү тилке

Жолдун тилкелери боюнча жүрүүнүн багыттары



5.10.1
Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорт каражаттары жүрүүчү тилкелүү жол



5.10.2



5.10.3

Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорт каражаттары жүрүүчү тилкелүү жолго чыгуу



5.10.4
Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорт каражаттары жүрүүчү тилкелүү жолдун бүтүшү



5.11.1
Артка кайрыла турган жер



5.11.2
Артка кайрыла турган зона



5.12
Автобустардын жана /же/ троллейбустун аялдамасы



5.13
Трамвайдын аялдамасы



5.14
Жеңил таксилер токтоочу жай



5.15
Токтоочу жай



5.16.1



5.16.2
Жөө адамдар өтүүчү жол



5.17.1



5.17.2
Жөө адамдар жер асты менен өтүүчү жол



5.17.3
Жөө адамдар үчүн жол үстүнө салынган көпүрө



5.17.4



5.18
Ыруксат берилген ылдамдык



5.19.1



5.19.2
Туюк көчө




5.19.3









5.20.1
Багыттарды алдын ала көрсөткүчтөр




5.20.2
Багытты алдын ала көрсөткүч



5.20.3
Жүрүүнүн схемасы



5.21.1
Багытты көрсөткүч



5.21.2
Багыттарды көрсөткүчтөр



5.22
Эл отурукташкан пункттун башталышы



5.23
Эл отурукташкан пункттун бүтүшү



5.24
Эл отурукташкан пункттун башталышы



5.25
Эл отурукташкан пункттун бүтүшү



5.26
Объекттин аталышы



5.27
Аралыкты көрсөткүч



5.28
Чакырымдын белгиси




5.29.1



5.29.2
Маршруттун номери



5.30.1




5.30.2



5.30.3
Жүк ташуучу автомобилдердин жүрүү багыты



5.31
Айланып өтүүнүн схемасы



5.32.1




5.32.2



5.32.3
Айланып өтүүнүн багыты




5.33
Токтоо сызыгы



5.34.1

Жолдун башка бөлүгүнө өтүү үчүн алдын ала көрсөткүч



5.34.2



5.35

Реверсивдик жүрүү



5.36


Реверсивдик жүрүүнүн бүтүшү



5.37

Реверсивдүү жүрүүчү тилкеси бар жолго чыгуу

СЕРВИСТИН БЕЛГИЛЕРИ



6.1

Медициналык алгачкы жардам берүү пункту



6.2

Оорукана



6.3

Автомобилге май куюучу станция



6.4

Автомобилдерди техникалык жактан тейлоо



6.5

Автомобилдерди жуучу жай



6.6

Телефон



6.7

Ашкана




6.8

Таза суу



6.9

Мейманкана же мотель



6.10

Кемпинг



6.11


Дем алуу жайы



6.12

ГАИнин посту


КОШУМЧА ИНФОРМАЦИЯНЫН БЕЛГИЛЕРИ (таблицачалар)




7.1.1



7.1.2




7.1.3




7.1.4


Объектиге чейинки аралык




7.2.5



7.3.1



7.3.2




7.2.1




7.2.2




7.2.3



7.2.4



7.2.6



7.3.3

Аракет зонасы

Аракеттин багыты



7.4.1



7.4.2




7.4.3



7.4.4



7.4.5



7.4.6



7.4.7

Транспорттук каражаттардын түрлөрү




7.5.1 Ишемби, жекшемби жана майрам күндөрү



7.5.2 Жумуш күндөрү




7.5.3 Жуманын: күндөрү




7.5.4



7.5.5




7.5.6



7.5.7


Аракет кылуучу убагы



7.6.1



7.6.2



7.6.3



7.6.4



7.6.5



7.6.6



7.6.7



7.6.8



7.6.9


Транспорт каражаттарын узак убакытка коюунун ыкмалары



7.7 Кыймылдаткычы иштебеген машиналар токтоочу жери




7.8 Акыга тейлөө



7.9 Узак убакытка туруунун мөөнөтүн чектөө



7.10 Автомобилдерди текшерип кароочу жай



7.11 Толук массасын чектөө



7.12 Жолдун коркунучтуу жээги



7.13 Негизги жолдун багыты



7.14 Жүрүүнүн тилкеси



7.15 Сокур адамдар



7.16 Суулу жер



7.17 Инвалиддер



7.18 Инвалиддерден башкалар

ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ТААНЫМАЛ БЕЛГИЛЕРИ



Автопоезддердин таанымал белгилери



Иниеси бар дөңгөлөктүү транспорт каражатынын таанымал белгиси



Балдарды ташуучу транспорттук каражаттардын таанымал белгиси



Дүлөй же дудук айдаган автомобилдин таанымал белгиси



Инвалиддер айдаган автомобилдин таанымал белгиси



Айдоочусу врач автомобилдин таанымал белгиси



Үйрөнчүктөр айдоочу транспорт каражатынын таанымал белгиси



Ылдамдыкты чектөөнүн белгиси



Транспорт каражатынын коломунон ашып турган жукту белгилоо



Коркунучтуу жук тарткан автомобилдин таанымал белгиси




Узундугу 24 метрден ашык транспорттук каражаттын составынын таанымал белгиси




Авариянга учурап токтогон белги


ТРАНСПОРТТУК СВЕТОФОРЛОР



Сигналдары тике ойдо жайгашканы



Сигналдары туурасынан жайгашканы




Кошумча секциялуу




Жүрүүнү белгилүү бир тарапка багыттап туруучу




Реверсивдик жол үчүн



Трамвайлардын жана башка жургунчулорду ташуучу транспорттук каражаттардын журушун багыттап туруучу



Темир жол откоолунон отуунү багыттап туруучу



Эки жолдун кесилишинде багыттап туруучу светофор жоктугун жана жоо адамдар откоолу бардыгын белгилоочу



Өндүрүштөр менен мекемелердин аймактарында жана жолдун ичкерген жерлеринде жүрүүнү багыттап туруучу

ЖӨӨ АДАМДАР ҮЧҮН СВЕТОФОР



24.7. Велосипед жана мопедчендерге буларга тыюу салынат:

тротуар жана жөө жүрүүчүлөрдүн жолдору менен жүрүүгө;

рулдарын кармабай жана баскычына буттарын койбой жүрүүгө;

кошумча ээрче жана бут койгучтар менен жабдылгандан кийин гана алып жүрүүгө мүмкүн болгон 7 жашка чейинки балдардан башка адамдарды тартып жеткирүүгө;

тулкунун узунунан же туурасынан 0,5 метрден көбүрөөк ашып турган же башкарууга жолтоо болгон жүктү ташууга;

велосипеддин жолу турса, ага карабай чоң жол менен жүрүүгө;

трамвайлар да жүргөн жолдордо же бир багытты көздөй кеткен эки же андан көп тилкеси бар жолдордо солго же артка кайрылууга;

өндүрүштө жасалган чиркегич буксир эмес велосипед, мопеддер менен, ошондой эле алардын өздөрүн да буксирлөөгө тыюу салынат.

24.8. Жолдордун кесилишинен ташкары жерде велосипеддин жолу чоң жолду туура кесип өтүп, ал жер тартипке салынып турбаса, велосипед жана мопед мингендер чоң жолдогу жүрүп бараткан транспорттук каражаттарга жол бериши керек.

Араба (чана) айдагандар экинчи маанидеги жолдон чоң жолго эки тарабы жакшы көрүнбөгөн далдоолу жеринен чыгып жатканда, арабага (чанага) кошулган көлүгүн жылоолоп жетелеп алууга тийиш.

24.9. Араба (чана) айдаган киречилерге, жүк арткан унааларды, көп малды айдагандарга булар тыюу салынат:

жолдун таманына малды короосуз калтырууга;

темир жолдун, жолдун атайын чектелгенден башка жеринен, ошондой эле аларды караңгыда жана бүдөмүктөп жакшы көрүнбөй турган убакта айдап өтүүгө;

өркүндөтүлгөн ыкма менен төшөлгөн жол аркылуу мал айдоого.

25. ТРАНСПОРТТУК КАРАЖАТТАРДЫН ТЕХНИКАЛЫК АБАЛЫ ЖАНА ЖАБДУУСУ

25.1. Жол жүрүүчүлөргө кошулуп жол тарткан транспорттук каражаттардын абалы жана жабдуусу жолдо жүрүүнүн коопсуздугуна жана айлана-тегеректегилерди сактоого тиешелүүлүгү жагынан стандарттарга туура келүүчү, техникалык жагынан иштетүүнүн эрежелеринин, жасап чыгарган заводдун түшүндүрмөлөрүнүн, каттоо документтеринин жана нормалдуу-техникалык ар кандай документтеринин талаптарына жооп берүүсү керек.

25.2. Бекитилген тартип боюнча убактысы менен мамлекеттик техникалык кароодон өтпөгөн механикалык транспорттук каражаттарды пайдаланууга тыюу салынат.

Эскертүү. Техникалык кароодон өттү деген талону өзүмдүк жеңил автомобилдердин жана автобустардын алдыңкы айнектеринин оң жактагы төмөнкү бурчуна бекитилип коюлат.

25.3. Техникалык жактан пайдаланууунун эрежесинде көрсөтүлгөн бузуктар чыккан кезде, троллейбустар менен трамвайларды пайдаланууга тыюу салынат.

25.4. 3-тиркемеде көрсөтүлгөн шарттар табылган учурда автомобилдерди, автобустарды, автопоезддерди, чиркегичтерди, мотоциклдерди, мопеддерди, тракторлорду жана башка өзү жүрүүчү машиналарды пайдаланууга тыюу салынат.

25.5. Жолдо баратканда 3-тиркемеде көрсөтүлгөн бузуктар пайда болуп калса, айдоочу аларды оңдоого аракет кылышы керек, а эгер, оңдоого мүмкүн болбосо, анда узакка токтотуп коюучу жайга же оңдоочу жерге чейин өтө этияттык кылып айдап баруу керек.

25.6. Транспорттук каражаттар жолун улоосуна төмөнкү учурларда тыюу салынат: тормоздук тетиктери, рульдук башкаруусу иштебей калганда, чиркештирүүчү тетиктери бузулганда (автопоезддин составында), жарык кылынбаган жол менен караңгыда же бүдөмүктөнүп жакшы көрүнбөгөн учурда фарасы жана тулкун көрсөтүүчү арткы жарыгы күйбөй калган кезде, жаан же кар жаап турганда айдоочу жактагы айнек тазалоочу иштебей калганда.

Эскертүү. Иштебей калган тормоздук тетик же рульдук башкаруу болуп, транспорттук каражатты токтотууга эч кандай мүмкүндүк түзө албаса жана эң эле жай жүрүп баратканда да, эки жакка бурула албаган абалы эсептелет.

26. НОМЕРДИК, АЙРЫП ТААНУУЧУ БЕЛГИЛЕР, АЛДЫН АЛА ЭСКЕРТҮҮЧҮ ТҮЗҮЛҮШ, ЖАЗЫП ЖАНА БЕЛГИ САЛЫП КОЮУ

26.1. Механикалык транспорттук каражаттардын жана ага чиркегичтердин ээси аларга ээ болгондон (алгандан) баштап 5 сутканын ичинде техникалык абалынын кандай экенине карабастан Мамавтоинспекторлордун мекемесине каттатышы (бир кишиден экинчи кишиге которуп каттатышы) керек.

26.2. Туруктуу катталып турган жеринен 2 айдан ашык убакытка кеткен механикалык транспорттук каражаттар, бараткан жерине келээри менен убактылуу катталып коюулары керек.

26.3. Транспорттук механикалык каражаттарда (трамвайлар менен троллейбустардан башкаларында) чиркегичтерде, ошондой эле тракторлордо жана өзү жүрүүчү машиналарда, атайын жасалып коюлган орунга ылайыктуу үлгүдөгү номердик белгилер тагылууга тийиш.

Белгилерди бир нерсе менен бетин жаап урунбасын деп далдаалап коюуга тыюу салынат.

26.4. Трамвайлар менен троллейбустарга тийиштүү өндүрүштөр тарабынан берилген регистрациялык номерлер жазылып коюлат.

26.5. Жүк ташуучу автомобилдердин, чиркегичтердин, автобустардын (өзгөчө эле кичинесинен башкаларына) кузовунун арткы бетине жакшы көрүнгүдөй кылып: сандын бийиктиги 300 мм-ден, туурасы 120 мм-ден кем эмес, чийиминин жазылыгы 30 мм, тамгасынын чоңдук өлчөмү, сандын чоңдук өлчөмүнүн 2/3 барабар болгон номердик белги тартылып коюлууга тийиш.

26.6. Жүк ташуучу автомобилдерде жана чиркегичи бар дөңгөлөк-

түү тракторлордо (1,4 тонналык жана андан жогору салмактыгы жүк көтөрүүчүлөрүнө), ошондой эле чиркемелери бар автобустар менен троллейбустарда кабиналарынын (кузовдорунун) алдынкы белүгүнө автопоезддин айрып-таануучу белгиси кызгылт сары түстөгү үч фонар, кабинанын үстүнө, аралыктары 150-дөн 300 мм-ге чейин кылып, түз сызыкта орнотулат.

Эскертүү. Автопоезддин үч тарабы тең бирдей узундуктагы (ар бир жагы 250 мм), ичинде жарык кылуучу тетиктери бар, сары түстөгү айрып-таануучу үч бурчтук белгисин да, пайдалуунуга уруксат берилет.

26.7. Ийнеси бар дөңгөлөк салынган механикалык транспорттук каражаттардын артына айрып-таануучу белги — ичине кара менен «Ш» тамгасы тартылып, кызыл менен жээктелип (жээгинин жазылыгы 1/10 бир жагында), бардык тарабынын узундугу бирдей (транспорттук каражаттын түрүнө жараша 200-дөн 300 мм-ге чейин) болгон ак үч бурчтук тагылат.

26.8 Балдарды автобус же жүк ташуучу автомобиль менен ташыганда алардын алдына жана артына — ичине кара түс менен жолдун 1.21. белгисинин символунун сүрөтү тартылган, кызыл менен жээктелген (жээгинин жазылыгы 1/10 бир жагында), сары түстөгү төрт бурчтуу (транспорттук каражаттын түрүнө жараша, ар бир жагынын узундугу 250-дөн 300 мм-ге чейинки) айрып таануучу белги тагылып коюулушу керек.

26.9. Дудуктар жана дүлөйлөр айдаган автомобилдердин алдына жана артына бардык тарабынын узундугу бирдей болгон, чокусу төмөн караган үч бурчтуктун бурчтарына тартылгансып көрүнгөн диаметри 40 мм үч кара тегерек ичине тартылган, диаметри 160 мм болгон айрып-таануучу сары тегерек белгилер тагылып коюлат.

26.10. Инвалиддер үчүн атайын жасалган жана аны инвлиддер айдаган автомобилдерге техникалык паспортунда Мамавтоинспекторлордун тиешелүү белгиси коюлган болсо, «Инвалид» деген айрып-таануучу белги ичинде 7.17-таблицачанын символунун сүрөтү кара боёк менен тартылган, ар тарабы 150 мм болгон сары төрт бурчтук тагылып коюулууга тийиш.

26.11. Врач-айдоочулардын автомобилдеринин алдына жана артына айрып-таануучу белги — ичине кызыл крест (бийиктиги 90 мм, чийиминин жазылыгы 25 мм болуп), тартылган ак тегереги (диаметри 125 мм) бар көк түстөгү (ар тарабынын узундугу 140 мм болгон) төрт бурчтук тартылып коюлушу керек.

26.12. Айдаганды үйрөнүүгө пайдаланылган механикалык транспорттук каражаттардын алдына жана артына айрып-таануучу белгилер — ичине кара түс менен «У» деп жазылып коюлган, кызыл менен жээктелүү (жээгинин жазылыгы 1/10 бир жагында), бардык тарабы бирдей узундуктагы (ар бир тарабынын узундугу транспорттук каражаттын түрүнө жараша 200дөн 300 мм-ге чеиин болгон) ак үч бурчтук тартылып коюлушу керек.

26.13. Айдоочулук стажы эки жылга жете элек адамдар башкарган автомобилдерге, коркунучтуу, өтө оор жана көлөмү өтө чоң жүктөрдү ташыган ошондой эле техникалык мүнөздөмөсү боюнча, эң жо-

горку ылдамдыгы ушул Эреженин 11.2-жана 11.3-пункттары боюнча аныкталып коюлган ылдамдыктан төмөн болгон транспорттук каражаттардын артынын сол жагына уруксат берилген чектөөчү ылдамдык инине жазылган айрым-таануучу түстүү 3.24 белгиси тагылып (тартылып) коюлушу керек. Белгинин диаметри транспорттук каражаттын түрүнө жараша 160-тан 250 мм-ге чейин болуп, жээктелген сызыгынын жазылыгы, белгинин диаметринин 1/10-не барабар болот.

26.14. Жүк же болбосо транспорттук каражаттын өзүнүн бир жери ушул Эреженин 23.3-пунктунда көрсөтүлгөн тулкунун көлөмүнөн ашып, сыртка чыгып калса, күндүзү сигнал берүүчү тактачалар, же болбосо чоңдугу 400×400мм болгон желекчелер (ага жазылыгы 500 мм болгон кызыл жана ак кыйгач сызыктар кезектештирилип сызылат), ал эми түнкүсүн же бүдөмүктөнүп жакшы көрүнбөй аба ырайы бузулуп турган убакта, жарыкты кайра чагылдыруучу аспаптар, же болбосо алдына ак, артына кызыл, капталына сары кызыл жарыктуу фонарлар тагылып коюлат. Буксирлөөдө колдонулган ийилгич чиркегичтин чынжырларын белгилөө үчүн өңү жогорудагыдай, бирок эки жагы тең окшош болгон 200×200 мм чоңдуктагы желекчелер пайдаланылат.

26.15. Коркунучтуу жүк тартып бараткан транспорттук каражаттын алдында жана артында 690×300 мм-дей чоңдуктагы тик бурчтук белги орнотулушу керек. Анын оң жактагы жазылыгы 400 мм-и сары кызыл түскө, калган сол бөлүгү кара жээктүү ак түскө боёлот жээктин жазылыгы 15мм болот). Бетине коркунучтуу жүктүн түзүлүшүн элестеткен белги салынат.

26.16. Жүгү менен же жүксүз эле, узундугу 24 метрден ашык болгон транспорттук каражаттардын артына жарыкты чагылдыруучу переседен жасалган 1200×300 мм дей чоңдуктагы, кызыл жээктүү (жазылыгы 40 мм болгон), сары түстүү тик бурчтук тагылышы керек; белгинин инине чиркегичи бар жүк ташуучу автомобилдин сүрөтү кара түс менен тартылып, жалпы узундугу да жазылып коюлат.

26.17. Аварялык авалда токтоп калды деген белги МАМСТ 24333—80-дин талабына туура келиши керек.

Ушул Эреженин 8.11-пунктунун талабына ылайыктуу колдонулган жылтылдап туруучу кызыл жарыктуу фонарь күн тийип турганда жана алыс жер бүдөмүктөнүп жакшы көрүнбөгөн убактарда көзгө дароо урунгудай болушу керек.

27. ЖОЛДО ЖҮРҮҮНҮН КООПСУЗДУГУН САКТООДО, АВТОТРАНСПОРТТУК ЖАНА БАШКА МЕКЕМЕЛЕРДИН КЫЗМАТЧЫ АДАМДАРЫНЫН МИЛДЕТТЕРИ

27.1. Транспорттук каражаттардын техникалык авалына жана пайдаланышына жооптуу кызматчы адамдар төмөнкүлөргө милдеттүү:

ошол категориядагы транспорттук каражатты айдоого укугу жок, белгиленген мөөнөттө медициналык күбөлүк албаган, алкоголь же

наркотика менен мас болуп турган, ооруп же сезимталдыгын жана байкамчылдыгын азайта турган дары ичкен адамдарга транспорттук каражатты айдоого жол бербөөгө;

техникалык абалы менен жабдуулары ушул Эреженин 25-бөлүгүнүн жана 3-тиркемесинин талаптарына жооп берген, ошондой эле коюлган талаптагыдай катталбаган же дайыма болуп туруучу мамлекеттик техникалык кароодон өтпөгөн техникалык каражаттарды иш аткарууга жибербөө керек.

27.2. Жолдорду жана алардын жабдууларын темир жол өткөөлдөрдү, жолдордун кесилишине салынган көпүрөлөрдү жана башка курулуштарды пайдаланууга жооптуу кызматчылар, алардын абалын жолдо жүрүүнүн коопсуздугун сактоонун койгон талаптарына жооп бергендей кылып кармоого милдеттүү.

27.3. Жолдун кайсы бир бөлүгүндө жолдо жүрүүчүлөргө коркунуч туудурган абал түзүлгөн кезде; ага тиешеси бар кызматчы адамдар, өз убактысында жолду жаап же белгилүү гана өлчөмдө ченем менен жүрүшүнө, ошондой эле жолдо жүрүүнү өз калыбына келтирүүгө чара колдонушу керек.

27.4. Белгиленген тартип боюнча тийиштүү кызматтагы адамдар Мамлекеттик автоинспекторлор менен төмөнкүлөрдү макулдашат:

жалпы коомчулукту ташуучу транспорттук каражаттардын жүрүүчү багыттарын;

жолдун такай жээгине транспаранттарды, плакаттарды, рекламалык такталарды ж. у. с. орнотууну;

жолдо жүрүүнү уюштурууда, техникалык каражаттар менен жолдорду жабдууну;

транспорттук каражаттарды башкача кылып кайра жабдууда, аларга атайын жарыктар менен сигналдарды коюуда, жүк ташуучу автомобилдерге кыйгач чийилген ак сызыкты жүргүзүүдө;

салмагы өтө оор жана тулку эбегейсиз чоң жүктөрдү ташууну, эки же андан көп механикалык транспорттук каражатты буксирлөөнүн тартибин;

жарылуучу, радиоактивдүү жана өтө уулуу нерселерди ташыган транспорттук каражаттардын жүрө турган жолдорун;

жолдорго жалпы элдик жана спорттук оюндарды уюштурууда;

жолдун таманына жасалчу кандай гана жумуш болбосун.

27.5. Жолдун, курулуштун жана башка мекемелердин кызматчы адамдары, жолдун жумуш жасалып жаткан жерине жол белгилери калкалап туруучу жана жол көрсөтүүчү тосмолор, ал эми караңгыда жана үрүң-бараң болуп, алыстык жакшы көрүнбөй турган мезгилде, норма кылып кабыл алынган сигнал берүүчү жарыктар коюлушуна кам көрүүгө милдеттүү.

27.6. Жолдун таманына калтырылган жол жумушун жасоочу машиналар, курулуш эмеректери, курулуштун бириктирип коюлган чоң-чоң бөлүктөрү ж. б. тийиштүү жол белгилери, жол көрсөтүүчү жана калкалап туруучу тосмолор менен, ал эми караңгыда жана үрүң-бараң болуп, алыстан жакшы көрүнбөгөн мезгилинде, сигнал берүүчү кызыл же сары жарык менен белгиленип коюлушу керек.

27.7. Жумуштар жасалып бүткөн соң, ага жооптуу адам, ошол

жумушка байланыштуу жолдо турган эмеректердин баарын токтоосуз алып кетип, транспорттук каражаттар менен жөө жүрүүчүлөргө эч тоскоолдук болбой тургандай абалга келтирип коюусу керек.

27.8. Жолдо жүрүүгө бөгөттүк түзгөн адам, токтоосуз жолду бошотушу керек, а эгер бошотууга мүмкүнчүлүгү келбесе, анда жолдо келаткан башка жүргүнчүлөргө алдын ала эскертүүнүн аракетин жасоого милдеттүү.

Эскертүү. Бул жерде жана 27.7-пунктунда сөз жолду кимдир бирөөнүн атайын же этибарсыз кыймылынан келип чыккан бөгөттүктөрү жөнүндө болуп жатат.

27.9. Кандайдыр бир жумушту жасап жатып жолдун таманын өтө булгап салган учурда, ага тийиштүү кызматтагы адам, токтоосуздан аны тазалоого киришүүчү аракеттерди жасашы керек, ошол эле учурда, бул коркунучтуу абал жөнүндө, жолдо келаткандарга өз учурунда эскертүүгө тийиш.

27.10. Өркүндөтүлгөн төшөгүч менен жабылган жолдун бетин бузуп кете турган каз тамандуу машиналар менен транспорттук каражаттар баш ийген кызматчы адам, алардын аны менен жүрүшүнө тыюу салууга чара көрүүгө милдеттүү.

27.11. Жолдо жүрүүнү жөнгө салып туруу үчүн коюлган жол белгилерин, светофорлорду жана башка техникалык каражаттарды алып таштоого, калкалап коюуга, сындырууга жана оюна келген жерге өзү эле орнотуп салууга көрүнгөнгө уруксат берилбейт.

ЖОЛ БЕЛГИЛЕРИ (МАМСТ. 10807—78 ЖАНА МАМСТ. 23457—86 БОЮНЧА)

1. Эскертүүчү белгилер

Эскертүүчү белгилер айдоочуларды жолдун кооптуу бөлүгүнө жакындаганын, андан ары жүргөндө шартка ылайыктуу чара колдонуу талап кылынаарын кабарлайт.

1.1* **«Шлагбаумдуу темир жол өткөөлү».**

1.2 **«Шлагбауму жок темир жол өткөөлү».**

1.3.1 **«Бир багытта өтүүчү темир жол».** 1.3.2 **«Көп багытта өтүүчү темир жол».** Шлагбауму жок темир жол өткөөлүнөн өтө турганын көрсөтүү: 1.3.1— бир багытта өтүүчү темир жолдон, 1.3.2— эки же андан көп багытта өтүүчү темир жолдон.

1.4.1— 1.4.6 **«Темир жол өткөөлүнө жакындоо».** Кыштактан сырткары жерлердеги темир жол өткөөлүнө жакындаганын кошумча иретинде кабарлоо.

1.5 **«Трамвайдын жолу менен кесилиш».**

1.6 **«Бирдей маанидеги жолдордун кесилиши».**

1.7 **«Айланып өтүүчү жолду кесип өтүү».**

1.8 **«Светофордук иретке салып туруу».** Жолдо жүрүү светофор менен иретке салынып турган жолдордун кесилиши, жөө жүрүүчүлөрдүн өткөөлү, же жолдун бир жери.

1.9. **«Ачылма көпүрө».** Экиге ачылып көтөрүлмө көпүрө же паромдук өткөөл.

1.10. **«Жээкке жакындоо».** Дайранын жээгине же жээкке жакындоо.

1.11.1, 1.11.2 **«Коркунучтуу бурулуш».** Жолдун өтө чукул кайрылышы жана далдоодон алысты көрө албаган жери: 1.11.1— оңго, 1.11.2— солго.

1.12.1, 1.12.2 **«Коркунучтуу бурулуштар».** Жолдун коркунучтуу бурулуштуу жерлери: 1.12.1— биринчи бурулуштан кийин оңго, 1.12.2— биринчи бурулуштан кийин солго.

1.13 **«Өтө эңкейиш жол».**

1.14 **«Өтө өр жол».**

1.15 **«Тайгак жол».** Жолдун таманы абдан тайгалактап турган жери.

1.16 **«Өңгүл-дөңгүл жол».** Жолдун таманы өңгүл-дөңгүлдүү болгон жери (өңгүл-дөңгүл, оюктар, көпүрөлөр ж. б. у. с. менен кошулган жеринин ойку-кайкы болуп калышы).

1.17. **«Таш чачырайт».** Жолдун өркүндөтүлгөн төшөгүч төшөлгөн бөлүгүндөгү, шагыл таштар, атайын талкаланган шагылдар

* Жол белгилеринин катар номурлары МАМСТ-тын 10807—87 ПУНКТУНА туура келет.

ж. б. у. с. транспорттук каражаттын дөңгөлөгүнөн кокустан ыргышы мүмкүн болгон жер

1.18.1—1.18.3 **«Жол ичкерет».** Жол эки тарабынан тең куушурулат — 1.18.1, ондон-1.18.2 солдон-1.18.3.

1.19 **«Эки тараптуу кыймыл».** Карама-каршы келаткандарды бет алыш, жол жүрүүнүн башталган жери.

1.20 **«Жөө адамдар өтүүчү жер».** 5.16.1, 5.16.2— белгилери коюлган жана (же) жол бетине 1.14.1—1.14.3 чиймелери тартылган жөө адамдар өтүүчү жер.

1.21 **«Балдар».** Жолдун балдар тарбияланган мекемелерге (мектептерге, пионер лагерине ж. б. у. с.) жакын бөлүгү. Бул жерлерде, күтүлбөгөн жерден балдар жолго чыга калышы ыктымал.

1.22 **«Велосипед жолу менен кесилиш».**

1.23 **«Жол жумуштары».**

1.24 **«Мал айдап өтүүчү жай».**

1.25 **«Жапайы айбанаттар».**

1.26 **«Таш кулайт».** Жолго көчкүлөр жүрүп, таш кулап турушу мүмкүн болгон жер.

1.27 **«Капталдан шамал согот».**

1.28 **«Самолеттор жапыс учат».**

1.29 **«Тешкен тоо».** Кошумча жарык коюлбаган же кире бериш бөлүгүн карангылык басып турган жер астынан өтүүчү жол.

1.30 **«Ар кандай коркунучтар».** Алдын ала эскертүүчү белгилери жок коркунучтар пайда боло калган жолдун бөлүгү.

1.31.1, 1.31.2 **«Бурулуштардын багыттары».** Алысты көрүүгө мүмкүн болбогон чукул бурулуштуу жолдун багыты. Жолдун ондолуп жаткан бөлүгүн айланып өтүү багыты.

1.31.3 **«Бурулуштардын багыттары».** Жолдун «Т» тамгасы сыяктанган кесилишиндеги же тармактанып кетишиндеги жүрүү багыты. Жолдун ондолуп жаткан бөлүгүн айланып өтүүнүн багыты.

Алдын ала эскертүүчү 1.1, 1.2, 1.5—1.30 белгилери коркунучтуу жерден, калк жайгашкан жайлардан сырткары жерлерде 150—300 м, ал эми калк жайгашкан жайлардын ичинде, 50—100 м илгери аралыкка орнотулат. Зарылчылыгы болгон кезде, белгилер булардан башка аралыктарга да орнотулат. Бирок андай учурларда 7.1.1 таблицасына көрсөтүлүп коюлат.

Эгер эңкейиши жана өр улам кайталана берсе, алардын башталышынын так алдына, 7.1.1 таблицасы жок эле, түздөн түз 1.13 жана 1.14 белгилери орнотула алат.

Жолдун таманында тез эле бүткөрүлүүчү жумуштар жүргүзүлүп жатканда 1.23 белгисин (7.1.1 таблицасыз эле) жүрүп жаткан жерден 10—15 м илгери аралыкка коюуга болот.

Калк жайгашкан жайлардан сырткары жерлерде 1.1, 1.2, 1.9, 1.10, 1.23 белгилери кайталанып коюлат. Экинчи белги коркунучтуу жерден 50 метрден кем эмес алыстыкта болот.

1.3.1 жана 1.3.2 белгилери, түздөн-түз эле темир жол өткөөлүнүн алдында орнотулат.

2. Артыкчылыгы бар белгилер

Артыкчылык белгилери жолдордун кесилиштеринен, жолдордун кара таманындагы тилкелердин кайчылаштарынан же бир кичинекей кууш бөлүгүнөн өтүүгө кезектүүлүктү сактайт.

2.1 **«Негизги жол».** Тартипке салынып турбаган жол кесилиштериндеги артыкчылык укугуна ээ болгон жол.

2.2 **«Негизги жолдун бүтүшү».**

2.3.1 **«Экинчи маанидеги жол менен кесилиш».**

2.3.2, 2.3.3 **«Экинчи маанидеги жол кошулат».** 2.3.2— оң тараптан кошулат, 2.3.3— сол тараптан кошулат.

2.4 **«Жол бергиле».** Айдоочу келаткан жолун кесип өткөн жолдогу транспорттук каражатка жол бериши керек, ал эми 7.13 таблицасы орнотулган болсо, анда негизги жолдун укугу боюнча жол берет.

2.5 **«Токтобой өтүүгө тыюу салынат».** Токто деген сызыктын алдына, эгер ал жок болсо, жолдордун тамандарынын кесилишинин четине аялдабай өтүүгө тыюу салынат. Айдоочу келаткан жолун кесип өткөн жолдогу, ал эми 7.13 таблицасы орнотулган болсо, анда негизги жолдогу транспорттук каражатка жол бериши керек.

2.5 белгиси темир жол өткөөлүнүн же карантин болгон жердин күзөтканасынын алдына да коюлушу мүмкүн. Мындай учурда, айдоочу токто деген сызыктын алдына, а эгер ал жок болсо, белгинин алдына токтошу керек.

2.6 **«Бет маңдай келаткан транспортко артыкчылык берилет».** Эгерде бет маңдай келаткандарды ыңгайсыз абалга калтыра турган болсо, жолдун ортосуна кыпчылып кирүүгө тыюу салынат. Айдоочу жолдун так ортосу менен кыпчылып келаткан же өзүнүн бараткан тарабына түшүп, теке маңдай чыккан транспорттук каражаттарга жол бошотушу керек.

2.7 **«Бет маңдай келаткан транспорттон артыкчылыгы бар».** Бет маңдай келаткан транспорттук каражаттардан артыкчылык кылып, жолдун кууш жеринен шыдыр өтүп кете алышы.

3. Тыюу салуучу белгилер

Тыюу салуучу белгилер жолдо жүрүүдөгү белгилүү бир чек коюуларды жоёт же кийирет.

3.1 **«Кирүүгү тыюу салынат».** Бардык транспорттук каражаттардын кирүүсүнө тыюу салынат.

3.2 **«Жүрүүгө тыюу салынат».** Бардык транспорттук каражаттардын жүрүшүнө тыюу салынат.

3.3 **«Механикалык транспорт каражаттарынын жүрүүсүнө тыюу салынат».**

3.4 **«Жүк ташуучу автомобилдердин жүрүүсүнө тыюу салынат».** Бардык салмагы 3,5 т-дан (эгер белгиде салмагы көрсөтүлбөсө) же белгиде көрсөтүлгөн бардык салмагынан оор болгон жүк ташуучу автомобилдер менен бир же бир нече чиркегичтүү транспорттук каражаттардын, ошондой эле тракторлор менен өзү жүрүүчү машиналардын жүрүшүнө тыюу салынат.

3.4 белгиси бортторунун капталында кыйгач чийилген ак сызыгы бар, же эл ташыган жүк ташуучу автомобилдердин жүрүүсүнө тыюу салбайт.

3.5 **«Мотоциклдердин жүрүүсүнө тыюу салынат».**

3.6 **«Тракторлордун жүрүүсүнө тыюу салынат».** Тракторлордун жана өзү жүрүүчү машиналардын жүрүүсүнө тыюу салынат.

3.7 **«Чиркегич менен жүрүүгө тыюу салынат».** Жүк ташуучу автомобилдер менен тракторлор чиркегичтердин кайсы түрүн болсо да чиркеп жүрүүгө, ошондой эле, механикалык транспорттук каражаттарды буксирлөөгө тыюу салынат.

3.8 **«Унаада жүрүүгө тыюу салынат».** Арабачан (чаначан) токулгалуу же жүк артылган мал менен жүрүүгө, ошондой эле малды айдап өтүүгө тыюу салынат.

3.9 **«Велосипедчен жүрүүгө тыюу салынат».** Велосипед жана мопедчен жүрүүгө тыюу салынат.

3.10 **«Адамдар жүрүүгө тыюу салынат».**

3.11 **«Салмакты чектөө».** Бардык накта жалпы салмагы белгиде көрсөтүлгөндөн оор болгон транспорттук каражаттардын, алардын ичинде бир же бир нече чиркегичи барларынын да жүрүүсүнө тыюу салынат.

3.12 **«Ок темирге келтирилген салмакты чектөө».** Ок темирлердин кайсынысына гана болбосун түшкөн накта салмагы, белгиде көрсөтүлгөндөн ашып кеткен транспорттук каражаттардын жүрүүсүнө тыюу салынат.

3.13 **«Бийиктикти чектөө».** Тулкунун бийиктиги (жүгү менен же жүксүз эле) белгиде көрсөтүлгөндөн бийик болгон транспорттук каражаттардын жүрүүсүнө тыюу салынат.

3.14 **«Жазылыгын чектөө».** Тулкунун жазылыгы (жүгү менен же жүксүз эле) белгиде көрсөтүлгөндөн жазы болгон транспорттук каражаттардын жүрүүсүнө тыюу салынат.

3.15 **«Узундугун чектөө».** Тулкунун узундугу (жүгү менен же жүгү жок эле) белгиде көрсөтүлгөндөн узун болгон транспорттук каражаттардын (бир же бир нече чиркегичи барларынын да) жүрүүсүнө тыюу салынат.

3.16 **«Эң эле жакын аралыкты чектөө».** Белгиде көрсөтүлгөндөн аралыктары жакын жүрүп баратышкан транспорттук каражаттардын жүрүүсүнө тыюу салынат.

3.17.1 **«Таможня»** (бажыкана). Таможняга (текшерүү пунктуна) токтобой өтүп кетүүгө тыюу салынат.

3.17.2 **«Коркунучтуу жер».** Андан ары жүрүүгө баардыгына, ал турсун жол кырсыгына, аварияга, же башка коркунучтарга учураган транспорттук каражаттарга да тыюу салынат.

3.18.1 **«Оңго бурулууга тыюу салынат».**

3.18.2 **«Солго бурулууга тыюу салынат».**

3.19 **«Артка кайрылууга тыюу салынат».**

3.20 **«Куып өтүүгө тыюу салынат».** Саатына 30 км-дан ашпаган ылдамдык менен жалгыз жүрүп бараткандардан башка бардык транспорттук каражаттарды куып өтүүгө тыюу салынат.

3.21 **«Куып өтүүгө тыюу салынган зонанын бүтүшү».**

3.22 **«Жүк ташуучу автомобилдердин кууп өтүшүнө тыюу салынат».** Бардык салмагы 3,5 т-дан оор болгон жүк ташуучу автомобилдерге, ылдамдыгы саатына 30 км-дан ашпай жалгыз баратканда башка, бардык транспорттук каражаттарды кууп өтүүгө тыюу салынат. Тракторлорго, арабалардан (чаналардан) жана велосипеддерден башка бардык транспорттук каражаттарды кууп өтүүгө тыюу салынат.

3.23 **«Жүк ташуучу автомобилдердин кууп өтүшүнө тыюу салынган зонанын бүтүшү».**

3.24 **«Жогорку ылдамдыкты чектөө»** Белгиде көрсөтүлгөндөн жогору болгон (км/саат) ылдамдык менен жүрүүгө тыюу салынат.

3.25 **«Жогорку ылдамдыкты чектөө зонасынын бүтүшү».**

3.26 **«Үн сигналын берүүгө тыюу салынат».** Жолдогу транспорттук кырсыктан качуу үчүн берилген сигналдан башка убактарда, үн сигналын берүүгө тыюу салынат.

3.27 **«Токтоого тыюу салынат».** Транспорт каражаттарынын көпкө токтоосуна жана аяндоосуна тыюу салынат.

3.28 **«Токтоп турууга тыюу салынат».** Транспорттук каражаттардын көпкө токтоосуна тыюу салынат.

3.29 **«Айдын так сандуу күндөрүндө токтоп турууга тыюу салынат».**

3.30 **«Айдын жуп сандуу күндөрүндө токтоп турууга тыюу салынат».** Бир мезгилде 3.29 жана 3.30 белгилерин колдонгон убактагы транспорттук каражаттарды жолдун бир жак четинен, экинчи жагына которуп коюучу убакыт саат 19дан 21-ге чейин.

3.31 **«Бардык чектөөлөрдүн зонасынын бүтүшү».** Төмөнкү белгилердин: 3.16, 3.20, 3.22, 3.24, 3.26—3.30 бардыгы бир мезгилде күчүн жоготкон аралыктын бүткөн чеги.

Төмөнкүлөргө бул белгилердин тиешеси жок:

3.1—3.3, 3.18.1, 3.18.2, 3.19, 3.27-белгилеринин күчүнүн коомчулуктун пайдаланууусундагы транспорттук каражаттарга;

3.2—3.8 белгилеринин күчүнүн, көрүнгөндүн кирүүсүнө тыюу салынган аймыктагы мекемени тейлеген, ошондой эле так ошол өндөнгөн жерлерде иштеген же жашаган адамдарды тейлеген же болбосо, алардын өзүмдүгү болгон транспорттук каражаттарга. Мындай учурларда транспорттук каражаттар, көрүнгөндүн кирүүсүнө тыюу салынган аймакка кирүүгө жана жумуштар менен ага жакын жерлердеги көчөнүн кесилиштерине чейин баруусу мүмкүн;

3.28—3.30 белгилеринин күчүнүн таксометри иштетилген таксилерге.

3.18.1, 3.18.2 белгилеринин күчү, алдына алар орнотулган жол кесилиштерине таратылат.

3.16, 3.20, 3.22, 3.24, 3.26—3.30 белгилеринин күчүндөгү аралыгы алар орнотулган жерден тартып, андан аркы биринчи жол кесилиштерине чейин, ал эми калк жайгашкан жайларда, эгер жол кесилиштери жок болсо, анда ал жайлардын аягына чейин болот. Жол боюндагы аймактарга кайрылган, жана алдына тиешелүү белгилер орнотулбаган экинчи маанидеги талаа, токой ж. б. жолдору кесип өткөн (кошулган) жерлеринде, бул белгилер өз күчүн жоготушпайт.

Калк жайгашкан жайларга коюлган 5.22 белгисине жете бербей орнотулган 3.24 белгисинин күчү, ошол белгиге чейинки аралыкка тарайт.

Төмөнкү белгилердин күчүнүн таркоо аралыгы кыскартылып калышы да мүмкүн:

3.16 жана 3.26 белгилерине 7.2.1 таблицасын колдонуу аркылуу:

3.20, 3.22, 3.24 белгилеринде алардын күчү өкүм сүргөн аралыктын аягына тиешелүү 3.21, 3.23, 3.25 белгилерин орнотуу менен же болбосо, 7.2.1. таблицачасын колдонуу аркылуу. 3.24 белгисинин күчүнүн таркоо аралыгын, ушул эле белгинин жүрүшүнүн эң жогорку ылдамдыгы деген маанидегисин орнотуу менен да кыскартууга мүмкүн;

3.27—3.30 белгилерине алардын күчү таркаган аралыктын аягына ушул эле 3.27—3.30 белгилерин 7.2.3 таблицачасы менен кайталап коюу менен, же болбосо 7.2.2 таблицачасын колдонуу менен кыскартууга мүмкүн. 3.27 белгиси жолдун бетине чийилген 1.4 чийими менен да бирге колдонушу мүмкүн, ал эми 3.28 белгиси болсо, 1.10 чийими менен бирге колдонулуп, белгилердин күчү таркаган аралык жол бетиндеги сызыктын узундугу менен кошо аныкталат.

3.10, 3.27—3.30 белгилеринин күчү жолдун алар орнотулган тарабына гана таркайт.

4. Багыттоочу белгилер

4.1.1 **«Түз кетет»**, 4.1.2 **«Оңго кетет»**, 4.1.3 **«Солго кетет»**, 4.1.4 **«Түз же оңго кетет»**, 4.1.5 **«Түз же солго кетет»**, 4.1.6 **«Оңго же солго кетет»**. Белгилердеги жебелер көрсөткөн тараптарга гана жүрүүгө уруксат берилет. Солго кайрылууга уруксат берген белгилер, артка кайрылууга да уруксат берет 4.1.1—4.1.6 белгилери (ар түрдүү жебелери менен жол кесилиштериндеги керектүү багыттарга ылайыкталып колдонулушу ыктымал).

Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорттук каражаттарга 4.1.1—4.1.6 белгилеринин күчүнүн эч кандай тиешеси жок.

Жолдордун кесилиштеринин алдына орнотулган 4.1.1—4.1.6 белгилери ал кесилиштер үчүн өз күчүндө.

Жолдун бир бөлүгүнүн башталышына коюлган 4.1.1 белгиси эң биринчи жол кесилишине чейин күчүндө болот. Белги оңго бурулуп, жолдун боюндагы короого же бир чоң аянтка кирүүгө тыюу салбайт.

4.2.1 **«Тоскоолдуктун оң тарабынан өтүү»**, 4.2.2 **«Тоскоолдуктун сол тарабынан өтүү»**. Жебе көрсөткөн тараптан гана айланып өтүүгө уруксат.

4.2.3 **«Тоскоолдуктун эки тарабынан өтүү»**. Бардык тарабынан айланып өтүүгө уруксат.

4.3 **«Айланма жол»**. Жебе көрсөткөн багытка жүрүүгө уруксат.

4.4 **«Жеңил автомобилдер гана жүрөт»**. Жеңил автомобилдердин, автобустардын, мотоциклдердин, жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорттук каражаттардын, бардык салмагы 3.5 т-дан ашпаган жүк ташуучу автомобилдердин жүрүүсүнө уруксат.

Тыюу салынып белгиленген аймактагы мекеменин тейлеген ошол-

дой эле, ошол аймакта жашаган же иштеген адамдарды тейлеген же болбосо, аларга тиешелүү болгон транспорттук каражаттарга бул белгинин эч тиешеси жок. Мындай учурларда транспорттук каражаттар, тыюу салынып белгиленген аймакка кирүүгө жана жумуштар менен ага жакын жерлердеги көчөнүн кесилиштерине чейин баруусу мүмкүн.

4.5 **«Велосипеддин жолу».** Велосипед жана мопед менен гана жүрүүгө уруксат. Велосипеддин жолу менен жөө жүргөндөр да жүрө алышат (эгерде тротуар же жөө жүрүүчүлөрдүн жолчосу жок болсо).

4.6 **«Жөө адамдар жүрүүчү жол».** Жөө адамдардын жүрүүсүнө гана уруксат.

4.7 **«Төмөнкү ылдамдыкты чектөө».** Саатына көрсөтүлгөн же андан жогору ылдамдык менен гана жүрүүгө уруксат.

4.8 **«Төмөнкү ылдамдыкты чектөө зонасынын бүтүшү».**

5. Информациялык-көрсөткүч белгилер

Информациялык-көрсөткүч белгилер жүрүүнүн айрым тартиптерин жараксыздыкка чыгарат же жаңысын кийрет. Ошондой эле калк жайгашкан жайлардын жана башка өндүрүштөрдүн жайгашкан жерлеринен кабар берет.

5.1 **«Автомагистраль».** Автомагистралдар менен жүрүүнүн тартибин сактап турган жолдо жүрүүнүн эрежелеринин талабы өкүм сүргөн жол.

5.2 **«Автомагистралдын бүтүшү».**

5.3 **«Автомобилдердин жолу».** Автомобилдер, автобустар жана мотоциклдер гана жүрүүгө арналган жол.

5.4 **«Автомобилдердин жолунун бүтүшү».**

5.5 **«Бир багытка жүрүүчү жол».** Транспорттук каражаттар бардык жазылыгы боюнча бир багытка жүрүшкөн жол же жолдун таманы.

5.6 **«Бир багытка жүрүүчү жолдун аягы».**

5.7.1, 5.7.2 **«Бир багытка жүрүүчү жолго чыгуу».** Бир багытка гана жүргөн жолго же жолдун таманына чыгуу.

5.8.1 **«Жолдун тилкелери боюнча жүрүүнүн багыттары».** Жолдун таманындагы тилкелердин саны жана алардын ар биринде жүрүүгө уруксат берилген багыттар.

5.8.2 **«Ар бир тилке менен жүрүүнүн багыттары».** Ар бир тилке боюнча жүрүүгө уруксат берилген багыт.

Акыркы сол тилкеден солго бурулууга уруксат берген 5.8.1 жана 5.8.2 белгилери, ошол эле тилкеден артка кайрылууга да уруксат берет.

Эгерде жолдун үстүнө тагылган 5.8.1, 5.8.2 белгилеринин башкалары бөлөкчө көрсөтмө бербесе, жолдун кесилишинин алдына орнотулган 5.8.1, 5.8.2 белгилеринин күчү, ошол кесилиштин бардыгына тиешелүү болот.

5.8.3 **«Тилкелердин башталышы».** Өргө чыгып бараткан же тор-

моз берип жайлай баштаган жерлердеги кошумча тилкелердин башталышы.

Эгерде кошумча тилкенин алдына орнотулган белгиде 4.7 деген «төмөнкү ылдамдыкты чектөө» белгиси тартылган болсо, анда көрсөтүлгөн же жогорку ылдамдык менен жүрүүчү негизги тилкеде жүрүүгө мүмкүнчүлүгү болбой калган транспорттук каражаттын айдоочуусу кошумча тилкеге которулуп өтүп алып, жолун улантууса керек.

5.8.4 **«Тилкелердин башталышы»**. Үч тилкелүү жолдогу ошол бараткан багыт менен жүрүүгө бөлүнгөн ортоңку тилкенин башталышы.

5.8.5 **«Тилкелердин бүтүшү»**. Өргө чыгып бараткандагы же күүлөнүүдөгү кошумча тилкелердин аягы.

5.8.6 **«Тилкелердин бүтүшү»**. Үч тилкелүү жолдогу ошол бараткан багыт менен жүрүүгө бөлүнгөн ортоңку тилкенин аягы.

5.8.7, 5.8.8 **«Жолдун тилкелери боюнча жүрүүнүн багыттары»**. Эгерде 5.8.7 белгисинде кандайдыр бир транспорттук каражаттар менен жүрүүгө тыюу салынган белги тартылса, анда ал тилке менен ошол транспорттук каражаттардын жүрүүсүнө тыюу салынат.

5.8.7 жана 5.8.8 белгилери өздөрүнө туура келүүчү сандагы жебелери менен төрт же андан көп тилкелүү жолдордо колдонула алат.

Алмашылып туруучу сүрөтү бар 5.8.7 жана 5.8.8 белгилеринин жардамы менен жолдо реверсивдүү жүрүүнү уюштурууга болот.

5.9 **«Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорт каражаттары жүрүүчү тилке»**. Транспорттук каражаттардын жалпы агымы менен бир багытка жүрүүчү, коомчулуктун пайдалануусундагы транспорттук каражаттар үчүн бөлүнгөн тилке.

Белгинин күчү, ал үстүндө тагылып турган тилкеге гана тиешелүү. Жолдун оң жак четине орнотулган белгинин күчү, оң жактагы тилкеге гана тиешелүү.

5.10.1 **«Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорт каражаттары жүрүүчү тилкелүү жол»**. Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорттук каражарттар, атайын бөлүнүп коюлган тилке менен транспорттук каражаттардын жалпы агымына карама-каршы жүргөн жол.

5.10.2, 5.10.3 **«Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорт каражаттары жүрүүчү тилкелүү жолго чыгуу»**.

5.10.4 **«Жалпы жүргүнчүлөр түшүүчү транспорт каражаттары жүрүүчү тилкелүү жолдун бүтүшү»**.

5.11.1 **«Артка кайрыла турган жер»**. Солго кайрылууга тыюу салынат.

5.11.2 **«Артка кайрыла турган зона»**. Артка кайрылуучу аралыктын узундугу. Солго кайрылууга тыюу салынат.

5.12 **«Автобустардын жана (же) троллейбустардын аялдамасы»**.

5.13 **«Трамвайдын аялдамасы»**.

5.14. **«Жеңил таксилер токтоочу жай»**.

5.15 **«Токтоочу жай»**.

5.16.1, 5.16.2 **«Жөө адамдар өтүүчү жол»**.

Өткөөлдө, жолдун таманына чийилген 1.14.1—1.14.3 чийимде-

рп жок болсо, 5.16.2 белгиси жолдун оң жагына, өткөөлдүн берки четине, ал эми 5.16.1 белгиси болсо, жолдун сол жагына, өткөөлдүн аркы четине орнотулат.

5.17.1, 5.17.2 **«Жөө адамдар жер асты менен өтүүчү жол».** 5.17.3, 5.17.4 **«Жөө адамдар үчүн жол үстүнө салынган көпүрө».**

5.18 **«Уруксат берилген ылдамдык».** Жолдун ошол бөлүгүндө, ушунча ылдамдык менен жүрүүгө болот деген уруксат. Белгинин күчү өкүм сүргөн аралык эң биринчи жакынкы жол кесилиштеринде чейин созулат. Ал эми 5.18 белгисин бирге койгондо, эскертүүчү белги менен анын күчүнүн өкүм сүрүшү коркунучтуу жол бөлүгүнүн узундугуна жараша аныкталат.

5.19.1—5.19.3. **«Туюк көчө».** Түз жүрүп өтүп көтүүгө болбогон жол.

5.20.1., 5.20.2 **«Багыттарды алдын ала көрсөткүчтөр».** Белгиде көрсөтүлгөн калк жайгашкан жайларга жана башка аймактарга жол көрсөтүү. Белгилердин ичине 5.29.1 белгисинин сүрөтү, автомагистралдын, аэропорттун,спорттук жана башка сүрөттөрүн чийип жазган жазуулардын символдору тартылып коюлушу мүмкүн. 5.20.1 белгисинин ичине ошол жолдо жүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө билдирген башка белгилердин сүрөттөрү да тартылып коюлушу да мүмкүн. 5.20.1 белгисинин төмөнкү бөлүгүнө, белги орнотулган жерден тартып, биринчи жол кесилише же болбосо тормоз берип, жайлай баштоо тилкесинин башталышына чейинки аралык көрсөтүлүп коюлат.

5.20.1. белгиси 3.11—3.15 деген тыюу салуучу белгилердин бири коюлган жолдордун бөлүгүн айланып өтүүчү жолду көрсөтүү үчүн да колдонулат.

5.20.3 **«Жүрүүнүн схемасы».** Жолдун кесилиштеринде айрым бир маневрлерди жасоого тыюу салынгандагы жүрүү маршрутү же жолдун татаал кесилиштериндеги жүрүүгө уруксат берилген багыт.

5.21.1 **«Багытты көрсөткүч»,** 5.21.2 **«Багыттарды көрсөткүчтөр».** Маршруттун бара турган жерин көздөй жол көрсөтүү. Белгиде андагы көрсөтүлгөн жерге чейинки аралык/км/ көрсөтүлүп, автомогистралдын, аэропорттун, спорттун жана башка сүрөттөрүн чийип жазган жазуулардын символдору тартылып коюлушу мүмкүн.

5.22 **«Эл отурукташкан пункттун башталышы».** Калк жайгашкан жайлардын ичинде жүргөндөрдү тартипке салып туруучу, жолдо жүрүүнүн эрежелеринин талабы күчүндө болгон калк жайгашкан жайдын аталышы жана башталышы.

5.23. **«Эл отурукташкан пункттун бүтүшү».** Калк жайгашкан жайлардын ичинде жүргөндөрдү тартипке салып туруучу жолдо жүрүүнүн эрежелеринин талабы ошол жолдо күчүн жоготкон жер.

5.24 **«Эл отурукташкан пункттун башталышы».** Калк жайгашкан жайлардын ичинде жүргөндөрдү тартипке салып туруучу жолдо жүрүүнүн эрежелеринин талабы ошол жолдо таасири жок болгон калк жайгашкан жайдын аталышы жана башталышы.

5.25 **«Эл отурукташкан пункттун бүтүшү».** 5.24 белгиси менен белгиленген калк жайгашкан жайдын аягы.

5.26 **«Объекттин аталышы».** Калк жайгашкан жайдан башка

объекттин аты (дайранын, көлдүн, ашуунун, атактуу бир ажайып жердин ж. б. у. с.).

5.27. **«Аралыкты көрсөткүч».** Бараткан маршруттагы калк жайгашкан жайларга чейинки (км) аралык.

5.28. **«Чакырымдын белгиси».** Жолдун башталышына же аягына чейинки (км) аралык.

5.29.1, 5.29.2 **«Маршруттун номери».** 5.29.1 — жолго (маршрутка) берилген номер; 5.29.2. — жолдун (маршруттун) багыты жана номери.

5.30.1 — 5.30.3 **«Жүк ташуучу автомобилдердин жүрүү багыты».** Эгерде жүрүүчү багыттарынын кайсы бирөөндөгү жол кесилишинен өтүүгө тыюу салынса, жүк ташуучу автомобилдерге, тракторлорго жана өзү жүрүүчү машыналарга сунуш кылынуучу багыт.

5.31 **«Айланып өтүүнүн схемасы».** Убактылуу жол жүрүүгө болбой турган бөлүгүн айланып өтүүнүн маршруту.

5.32.1 — 5.32.3 **«Айланып өтүүнүн багыты».** Убактылуу жол жүрүүгө болбой турган белүгүн айланып өтүүнүн багыты.

5.33 **«Токтоо сызыгы».** Светофордун (тартипке салып туруучусунун) тыюу салган сигналынын учурунда транспорттук каражаттардын аялдай турган жери.

5.34.1, 5.34.2 **«Жолдун башка бөлүгүнө өтүү үчүн алдын ала көрсөткүч».** Тилкелерге бөлүнгөн жолдогу жүрүүгө болбой турган белүктү айлануура же кайрадан жолдун оң тарабына өтүүгө багыттоо.

5.35 **«Реверсивдик жүрүү».** Бир же бир нече тилкелеринде, жүрүү багыты карама-каршы тарапка өзгөрөлүп тура алган жолдун бөлүгүнүн башталышы.

5.36 **«Реверсивдик жүрүүнүн бүтүшү».**

5.37 **«Реверсивдүү жүрүүчү тилкеси бар жолго чыгуу».**

Калк жайгашкан жайдан сырткары жерлерге орнотулган 5.20.1, 5.20.2, 5.21.1 жана 5.21..2 белгилеринин жалпы түсү жашыл же көк болсо, анда ал көрсөтүлгөн калк жайгашкан жайга же объектиге ылайыгына карап автомагистраль менен, же башка жол менен жүрүүгө болот дегенди түшүндүрөт. Ал эми калк жайгашкан жайдын ичине орнотулган ушул эле 5.20.1, 5.20.2, 5.21.1 жана 5.21.2 белгилериндеги жашыл же көк жалпы түс, көрсөтүлгөн калк жашаган жайдан чыккандан кийин ылайыгына карап автомагистраль менен, же башка жол менен барууга болот дегенди түшүндүрөт; жалпы түсү ак болсо, көрсөтүлгөн объект ошол эле калк жашаган жайда экенин билдирет.

6. Сервистин белгилери

Сервистин белгилери талапка ылайыктуу объектилердин кайсы жерлерде жайгашканы тууралуу кабарлайт.

6.1 **«Медициналык алгачкы жардам берүү пункту».**

6.2 **«Оорукана».**

6.3 **«Автомобиге май коюучу станция».**

6.4 **«Автомобилдери техникалык жактан тейлөө».**

6.5 **«Автомобилдерди жуучу жай».**
6.6 **«Телефон».**
6.7 **«Ашкана».**
6.8 **«Таза суу».**
6.9 **«Мейманкана же мотель».**
6.10 **«Кемпинг».**
6.11 **«Дем алуу жайы».**
6.12 **«ГАИнин посту».**

7. Кошумча информациянын белгилери (таблицачалар)

Кошумча билдирүү белгилери (таблицалар) өздөрү кошумчаланып көрсөтүлгөн белгилердин күчүн чектейт же тактайт.

7.1.1 **«Объектиге чейинки аралык».** Бараткан жолундагы белги коюлган жерден тартып керектүү бир объекттин (бир жердин) же ылайыгына жараша чектөө коюлган коркунучтуу жердин, жолдун айрым бир аралыгынын башталышына чейинки аралык көрсөтүлөт.

7.1.2 **«Объектиге чейинки аралык».** Эгерде жолдордун кесилишинин алдына сөзсүз 2.5 белгиси коюлган болсо анда, 2.4 белгисинен жолдордун кесилишине чейинки аралыкты көрсөтөт.

7.1.3, 7.1.4 **«Объектиге чейинки аралык».** Жолдон четте турган объектиге чейинки аралыкты көрсөтөт.

7.2.1 **«Аракет зонасы».** Алдын ала эскертүүчү белги менен белгиленген жолдун коркунучтуу бөлүгүнүн алыстыгын же тыюу салуучу жана информациялык-көрсөткүч белгилердин күчүнө кирүүчү аймагын көрсөтөт.

7.2.2 — 7.2.6 **«Аракет зонасы».** Тыюу салуучу 3.27 — 3.30 белгилеринин күчүнө кирүүчү аймагын 7.2.2 белгиси көрсөтөт; 7.2.3 белгиси 3.27—3.30 белгилеринин күчүнө кирген аймагынын аягын көрсөтөт.

7.2.4 белгиси айдоочуларды 3.27—3.30 белгисинин күчүнө кирген аймагында жүрүп баратканын билдирет; 7.2.5, 7.2.6 белгилери аянттын, үйдүн маңдай жагының жана башкалардын бир жак четине токтоого жана узакка токтотуп коюга тыюу салган 3.27 — 3.30 белгилеринин күчүнө кирген аймагын жана багытын көрсөтөт.

7.3.1 — 7.3.3 **«Аракеттин багыты».** Жолдордун кесилишинин алдына коюлган белгилердин күчүнө кирип турган багытын же жолдордун боюндагы көрсөтүлүп коюлган объектини карай багытты көрсөтөт.

7.4.1 —7.4.7 **«Транспорттук каражаттардын түрлөрү».** Белгинин күчү таркаган транспорттук каражаттын түрүн көрсөтөт.

Белгинин күчүн 7.4.1 таблицачасы жүк ташуучу автомобилдерге, анын ичинде чиркегичи барына, бардык салмагы 3,5 тоннадан ашыктарына, а 7.4.3 таблицачасы жеңил автомобилдерге, ошондой эле бардык салмагы 3,5 тоннага чейинки жүк ташуучу автомобилдерге таркатат.

7.5.1 **«Ишемби, жекшемби жана майрам күндөрү»**, 7.5.2 **«Жумуш күндөрү»**, 7.5.3 **«Жуманын күндөрү»**. Белги жуманын кайсы күндөрү күчүнө кирерин көрсөтөт.

7.5.4 **«Аракет кылуучу убагы»**. Белги сутканын кайсы убакытында күчүнө кирерин көрсөтөт.

7.5.5 —7.5.7 **«Аракет кылуучу убагы»**. Белги жуманын кайсы күндөрү жана сутканын кайсы убакытында күчүнө кирерин көрсөтөт.

7.6.1 – 7.6.9 **«Транспорт каражаттарды узак убакытка коюунун ыкмалары»**. 7.6.1 белгиси бардык транспорттук каражаттар тротуарды бойлото жолдун таманынын четине узакка токтотулуп коюуга мүмкүн экендигин көрсөтөт; 7.6.2 – 7.6.9 белгиси тротуардын жанындагы узакка токтоп турууга мүмкүн болгон жерге жеңил автомобилдерди жана мотоциклдерди коюунун ыкмаларын көрсөтөт.

7.7 **Кыймылдаткычы иштебеген машиналар токтоочу жери»**. 5.15 белгиси менен белгиленген узакка токтоочу жерде, кыймылдаткычы иштебеген гана транспорттук каражаттарды коюуга уруксат экендигин көрсөтөт.

7.8 **«Акыга тейлөө»**. Колмо кол акча алуу менен гана кызмат жасап бере эрин көрсөтөт.

7.9 **«Узак убакытка туруунун мөөнөтүн чектөө»**. 5.15 белгиси менен белгиленген токтоочу жайда транспорттук каражаттын канча убакытка чейин гана тура аларын көрсөтөт.

7.10 **«Автомобилдерди текшерип кароочу жай»**. 5.15 же 6.11 белгиси менен белгиленген аянтта эстакада же текшерип кароочу ан бар экенин көрсөтөт.

7.11 **«Толук массасын чектөө»**. Белгинин күчү таблицачада көрсөтүлгөн бардык салмактан оор транспорттук каражаттарга гана таркарын көрсөтөт.

7.12 **«Жолдун коркунучтуу жээги»**. Ондолуп жатканына байланыштуу жолдун жээги менен жүрүү коркунучтуу экинин эскертет. 1.23 белгиси менен бирге коюлат.

7.13 **«Негизги жолдун багыты»**. Жолдордун кесилиштериндеги негизги жолдун багытын көрсөтөт.

7.14 **«Жүрүүнүн тилкеси»**. Белгинин же светофордун күчү таркаган жүрүү тилкесин көрсөтөт.

7.15 **«Сокур адамдар»**. Жөө жүрүүчүлөрдүн өткөөлү менен сокур адамдар жүрөөрүн көрсөтөт. 1.20, 5.16.1, 5.16.2 белгилери жана светофорлор менен коюлат.

7.16 **«Суулу жер»**. Жолдун таманы суу болуп турган убактарда гана белги күчүнө кирерин көрсөтөт.

7.17 **«Инвалиддер»**. 5.15 белгисинин күчү ушул Эреженин 26.10 пунктуна ылайык «Инвалид» деген айрым таануучу белги орнотулган автомобилдер менен мотоколяскаларга гана таркатылаарын көрсөтөт.

7.18 **«Инвалиддерден башкалар»**. Ушул Эреженин 26.10 пунктуна ылайык «Инвалид» деген айрын таануучу белги орнотулган автомобилдер менен мотоколяскаларга бул белгилердин күчү таркатылбасын көрсөтөт.

Таблицалар өздөрү бирге колдонулган белгилердин алдына гана

жайгаштырылат. Белгилер жолдун таманынын, жээгинин же тротуардын үстүнө коюлганда 7.2.2—7.2.4, 7.13 таблицачалары алардын жанына коюлат.

Биротоло орнотулган белги менен убактылуу (бир жерден экинчи жерге көчүрүп алып жүрө турган) белгинин мааниси бири-бирине карама-каршы болуп калган кезде, айдоочулар убактылуу белгиге баш ийиши керек.

ЖОЛДОГУ ЧИЙМЕ ЖАНА АНЫН МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ (МАМСТ 13 508—74 жана МАМСТ 23 457—86 БОЮНЧА)

1. Горизонталдык чиймелер

Горизонталдык чиймелер (жолдун таманындагы сызыктар, жебелер, жазуулар жана башка белгилер) жолдо жүрүүнүн белгилүү бир ырааттуулугун жана тартибин орнотот.

Горизонталдык чийменин сары түстүү 1.4, 1.10 жана 1.17 сызыктарынан башкасы ак түстө болот.

Горизонталдык чийме:

1.1* — карама-каршы багытта жүргөн транспорттук агымдын ортосун бөлөт жана жолдордогу опурталдуу жерлерде, жүрүү тилкелеринин чектерин; жолдун таманынан өтүүгө тыюу салынган бөлүгүнүн чегин; транспорттук каражаттын токтоп туруучу жеринин чегин жана жүрүүнүн шарттары боюнча автомагистралдарга кошулбаган жолдордун таманынын четин белгилейт;

1.2. (узунунан кеткен жазы сызык) — автомагистралдарда жолдун таманынын четин белгилейт;

1.3 — төрт же андан көп тилкелүү жолдордогу карама-каршы багытта жүргөн транспорттук агымдын ортосун бөлөт;

1.4 — аялдан токтой калууга тыюу салынган жерди белгилейт. Өз алдынча же 3.27 белгиси менен бирге колдонулат да, жолдун таманынын четине же кырдалган жээктин үстүнө чийилет;

1.5 — эки же үч тилкелүү жолдордо карама-каршы багытта жүргөн транспорттук агымды бөлөт; бир багытка жүрүү үчүн арналган эки же андан көп тилкелердин чек араларын белгилейт;

1.6 (жакындоо сызыгы — үзүндү-үзүндү сызык, андагы чыбырчык сызыктардын узундугу алардын өздөрүнүн аралыктарынан үч эсе узундук кылат) — карама-каршы же бир багытта жүргөн транспорттук агымды бөлүп турган 1.1 жана 1.11 чиймесине жакындагандыкты билдирет;

1.7 (аралыгы бирдей болгон кыска-кыска чыбырчыктуу сызык) — жолдун кесилишине жакындаган кездеги жүрүү тилкесин белгилейт;


1.8 (эни жазы үзүндү-үзүндү сызык) — жолдун таманынын негизги тилкеси менен күүлөнүп алуучу же тормоз берүүчү тилкенин ортосундагы чекти белгилейт (бул жолдордун кесилиштеринде, ар түрдүү деңгелдеги жолдордун кайчылаштарында, автобустардын аялдамаларынын жанында ж. б. у. с. колдонулат);


1.9 — реверсивдик тартипке салынып турган жүрүү телкелеринин чегин белгилейт; реверсивдик тартип менен жүрүүгө болгон жолдордо (реверсивдик светофорлор күйүп турганда) карама-каршы багытта жүрүүчү транспорттук агымды бөлүп турат;

1.10 — узакка токтоого тыюу салынган жерди белгилейт. Өз ал-

---

* Чийменин катар номери МАМСТ 13 508—74кө туура келет.


1.11
1.11
1.6
1.15
1.5
1.14.1
1.13
белги 2,4
1.10
сары
1.14.2
1.16.1
1.18
1.19
1.17
сары
белги 2,4
1.20
1.12
1.22
1.21
СТОП
белги 2.5
1.23


1.1
1.1
1.1
1.1
1.2
1.2
1.3
1.4
сады
1.5
1.7
1.6
белги 2,4
1.16.2
1.6
1.1
1.5
1.16.3
1.8
1.14.3
1.9

дынча же 3.28 белгиси менен бирге колдонулат да, жолдун таманынын четине же ага коюлган жээктин үстүнө сызылат;

1.11 — жолдун бир тилкесинен экинчисине которулууга бир гана тилкеден уруксат берилген бөлүгүндөгү карама-каршы же бир багытта жүргөн транспорттук агымды бөлөт; бир тарапка гана жүрүүгө уруксат берилген жолдо артка кайрыла турган, узакка токтоочу аянтчага кирүүчү жана чыгуучу жерди ж. у. с. белгилейт;

1.12 (токто-сызыгы) —2.5 белгиси же светофордун (тартипке салып туруучунун) тыюу салган сигналы бар жерде айдоочунун аялдап токтой турган ордун көрсөтөт;

1.13 — токтоого туура келген учурда, айдоочу бараткан жолун кесип өткөн жол менен өтүп жаткан транспорттук каражаттарга жол берип, аялдап тура турган жерди көрсөтөт;

1.14.1, 1.14.2 (жол-жол сызык) — жөө жүрүүчүлөрдүн тартипке салынып турбаган өткөөлүн белгилейт; 1.14.2 чиймесинин жебеси жөө жүрүүчүлөрдүн өтө турган багытын көрсөтөт;

1.14.3 — жолдо жүрүү, светофор менен тартипке салынып турган жердеги жөө жүрүүчүлөрдүн өткөөлүн белгилейт;

1.15 — жолдун таманын велосипеддин жолчосу туура кескен жерди белгилейт;

1.16.1—1.16.3— транспорттук агымдардын биригип же ажырап кете турган жерлериндеги багыт берүүчү аралчаларды белгилейт;

1.17— коомдук транспорттук каражаттардын аялдамаларын жана таксилер тактоочу жайды белгилейт;

1.18— жолдордун кесилишинде тилкелер боюнча жүрүүнүн уруксат берилген багыттарын көрсөтөт. Өз алдынча же 5.8.1, 5.8.2 белгилери менен бирге колдонулат; туюкка кептелүүнүн чиймеси, жакын арадагы жолго кайрылууга тыюу салынат, дегенди көрсөтүү үчүн тартылат; ички эң четки тилкеден солго кайрылууга уруксат берген чийме, артка кайрылууга да уруксат берет;

1.19 — жолдун таманынын ичкерген жерине (ошол бараткан багыт боюнча жүрүүнүн тилкелеринин саны азайган жерге) же карама-каршы жүргөн транспорттук агымды бөлүп турган 1.1 болбосо 1.11. чиймелеринин сызыгына жакындагандыкты эскертет. Жогорудагылардын биринчисинде 1.18.1—1.18.3 белгилери менен бирге колдонулушу да мүмкүн;

1.20—1.13 чиймесине жакындагандыкты эскертет;

1.21 («Токто» жазуусу) —2.5 белгиси менен бирге колдонгон учурдагы 1.12 чиймесине жакындагандыкты эскертет;

1.22— жолдун (маршруттун) номерин көрсөтөт;

1.23— коомдук транспорттук каражаттардын гана жүрүүсү үчүн арналган тилкени белгилейт.

1.1 сызыгы жолдун таманынын четин белгилеген учурдан башка убактарда 1.1 жана 1.3 сызыктарын кесип өтүүгө тыюу салынат.

1.2, 1.5—1.8 сызыктарын бардык тарабынан кесип өтүүгө уруксат берилет.

Реверсивдик светофорлор жок болсо же алар жандырылбай турса, эгерде 1.9 сызыгы айдоочунун оң тарабында болсо, анда аны кесип өтүүгө уруксат берилет.

Эгерде 1.9 сызыгы бир багытка жүрүүгө уруксат берилген тилкелерди бөлүп турса жана реверсивдик светофорлор жанып турган мезгил болсо, анда аны бардык тарабынан кесип өтө берүүгө уруксат берилет. Реверсивдик светофорлор өчүрүлөрү менен, айдоочу дароо 1.9 сызыгынын оң тарабына өтүшү керек.

Карама-каршы жүргөн транспорттук агымды бөлүп турган 1.9 сызыгын, реверсивдик светофорлор өчүп турган мезгилде кесип өтүүгө тыюу салынат.

Күүн өтүү же айланып өтүү убагында гана 1.11 сызыгы үзүндү-үзүндү болгон жагынан да, ошондой эле узунунан кеткен түз сызык жагынан да кесип өтүүгө уруксат берилет.


Көкүстан көчүрүлүп коюлуучу мамыга бектилген убактылуу жол белгилеринин мааниси менен чиймелердин сызыктарынын маанисинин ортосунда карама-каршылык болуп калган учурда, айдоочулар жол белгисине баш ийиши керек.

2.Тике турган нерселерге чийилген чийме

Тике турган жол жабдууларынын бүтүндөй бир бөлүктөрүнө жана курулуштарына жол-жол ак-кара тасма түрүндөгү чийилген чийме алардын түлкүнүн чоңдугун көрсөтөт жана көз менен болжоп мерчемдөөнүн каражаты болуп кызмат кылат.

Тике турган нерселерге чийилген чийме;

2.1 жол жүрүп бараткан транспорттук каражаттарга коркунуч



туудурган учурларда, жол курулуштарынын бүтүндөй бир бөлүктөрү (көпүрөлөрдүн түркүктөрү, эки жолдун кесилиштерине салынган көпүрөлөр, жол боюна курулган тосмолордун тукул баштары ж. у. с.) белгиленет;

2.2— жер астынан өткөн жолдордун (тешкен тоолордун), көпүрөлөрдүн жана эки жолдун кесилиштерине салынган көпүрөлөрдүн түркүктөрүнүн төмөнкү бөлүгүн белгилейт;

2.3— жолду эки бөлүп туруучу тилкелерге же коопсуздуктун аралчаларына орнотулган жумуру кыска жоон мамычаларды белгилейт;

2.4— багыт берүүчү кичинекей түркүкчөлөрдү, жерге кагылган жоон кыска мамаларды, тосмолордун тирөөчтөрүн ж. б. у. с. белгилейт;

2.5 — жолдордун кичинекей радиустагы бурулуштарындагы, тике ылдай түшкөн жериндеги, жана башка коркунучтуу бөлүктөрүндөгү тосмолордун капталынын бетин белгилейт;

2.6— жолдун булардан башка бөлүктөрүндөгү тосмолордун капталынын бетин белгилейт;

2.7— жолдун коркунучтуу жерлериндеги жээктерди жана коопсуздуктун бийик аралчаларын белгилейт.

ТРАНСПОРТТУК КАРАЖАТТАРДЫ ИШТЕТҮҮГӨ ТЫЮУ САЛУУЧУ ШАРТТАР (МАМСТ 25478—82 ЭСЕБИ БОЮНЧА)

1. Тормоздук системалар

1.1. Транспорттук каражаттын ошол модели үчүн жарактуу деп эсептелинбеген же жасап чыгарган ишканын талаптарына жооп бербеген тормоздук системалардын конструкциясы өзгөртүлсө, тормоздук суюктук куюлса, тутумдаш же айрым бир өзүнчө турган тетиктери алмашылса тыюу салынат.

1.2. Жолдо айдап сыноо убагында, иштеп турган тормоздук системалардын тормоздоп кармоо жөндөмдүүлүгү төмөнкү нормаларды сактабаса:

Транспорттук каражаттын түрү	Тормоздоо жолу, м, ашык эмес
Жеңил автомобилдер жана алардын жүк ташууга ылайыкталган моделдери	14,5
Бардык салмагы 5 тоннага жана ага чейинки автобустар	18,7
Ошолордун эле 5 тоннадан жогоркулары	19,9
Бардык салмагы 3,5 тоннага чейинки жүк ташуучу автомобилдер	19,0
Ошолордун эле 3,5 дан 12 тоннага чейинкилери	18,4
Бардык салмагы 3,5 тонна жана ага чейинки сүйрөткүч-автомобилдери менен бирге автопоезддер	22,7
Ошолордун эле 3,5 дан өзүн кошо алганда 12 тоннага чейинкилери	22,1
Ошолордун эле 12 тоннадан жогоркулары	21,9
Эки дөңгөлөктүү мотоциклдер жана мопеддер	7,5
Жанында чиркегичи бар мотоциклдер	8,2

Эскертүү: 1. Тормоздук жолдун жогорку сандар менен белгиленген узундуктары, айдоочунун салмагы менен бирге алгандагы толук жабдылган транспорттук каражаттар үчүн көрсөтүлдү.

2. Иштеп турган тормоздук системалардын тормоздоп кармоо жөндөмдүүлүгү МАМСТ 25478--82нин талабына ылайыктуу башкача чоңдуктар менен да өлчөнүп бааланышы мүмкүн.

3. Иштеп турган тормоздук системаларды сыноо жолдун ой-чуңкуру жок түптүз бөлүгүндөгү бети тегиз, кургак, нукура цемент же асфальт бетону төшөлгөн жеринде, тормоздоонун башталган кезиндеги ылдамдыгы автомобилдер жана автобустар үчүн саатына 40км, мотоцикл, мопеддер үчүн саатына 30 км менен жүрөт (тормоздоо кол жана бут менен иштетилчү тетиктерди бир эле мезгилде тартуу жана басуу аркылуу жүргүзүлөт). Эгерде, түптүз бараткан багытын сактоо үчүн, тормоздоо убагында айдоочу жүрүү траекториясын ондоого тийиш болсо, сыноонун жыйынтыгы так эмес деп эсептелинет.

1.3. Суюктук аркылуу иштөөчү тормоздук кыймыл жалгаштыргычтын жылчыксыздыгы бузулса.

1.4 Кысылган аба аркылуу иштөөчү тормоздук кыймыл жалгаштыргычтын жылчыксыздыгынын бузулушу, абаны кысуучу (компрессор) иштебей турган мезгилде, абанын басымынын азайышын 0,05МПа (0,5 кгс/см^2) ге, тормоздук системаларды башкаруучу тетиктер жөн-жай турган абалында 30 мүнөттүн ичинде, ал эми башкаруучу тетиктер иштеп жатканда 15 мүнөттүн ичинде алып келсе.

1.5. Кысылган аба аркылуу иштечү тормоздук кыймыл жалгачтыргычтын манометри иштебесе.

1.6. Токтоп турганда коюлуучу тормоздук системасы ордунан жылдырбай кармап тура албаса:

толтура жүктөлгөн транспорттук каражаттар 16% тен кем эмес энкейиште;

жабдылган абалдагы жеңил автомобилдер, алардын жүк ташуугa ылайыкталбаган моделдери, ошондой эле автобустар 23% тен кем эмес энкейиште;

жабдылган абалдагы жүк ташуучу автомобилдер жана автопоезддер —31% тен кем эмес энкейиште.

Эскертүү: 1. Токтоп турганда коюлуучу тормоздук системаларды сыноо убагында, кыймылдаткыч трансмиссияга жалгаштырылбашы керек.

2. Токтоп турганда коюлуучу тормоздук системалардын иштөө жөндөмдүүлүгү МАМСТ 25478—82 нин талабына ылайыктуу башкача чоңдуктар менен да өлчөп бааланышы мүмкүн.

1.7. Токтоп турганда коюлуучу тормоздук системалардын рычагы (кармап тарткычы) тээктүү тетикте таканчыкталбаса.

2. Рулдук башкаруу

2.1. Рулдук башкаруудагы люфт, жалпы жонунан төмөнкү көрсөтүлгөн эң акыркы чегинен ашып кетсе:

Транспорттук каражаттардын түрү	Люфтун жалпы жонунан эң акыркы чеги, град, ашык эмес
Жеңил автомобилдер жана алардын негизинде жасалган жүк ташуучу моделдер, автобустар	10
Автобустар	20
Жүк ташуучу автомобилдер	25

Эскертүү. Өндүрүштөн чыгарылган автомобилдер менен автобустарды рулдук башкаруусундагы люфту жалпы жонунан 25° тан ашпоо керек.

2.2. Рулдук башкаруунун тутумдары менен тетиктери конструкциясында каралбагандай болуп, өрөскөөл эле биринин ордуна экинчиси келип калса, же алар транспорттук каражаттын кузовунан (шассисинен, кабинасынан, рамасынан) бир аз кыйшыгыраак болсо; бурамалуу бирикмелери катуу тартылбаса же бышыктап бекитилбесе.

2.3. Рулдук башкаруунун күчөткүчү же (мотоциклдердеги) рулдук демпфер конструкцияда каралса да бузук же жок болсо.

2.4. Рулдук башкарууда мурдагы бузуктары толук оңдолбогон же дагы бир башка бузуктары бар тетиктер салынса, ошондой эле транспорттук каражаттын ошол модели үчүн эсептелинбеген, же болбосо, жасап чыгарган ишкананын талаптарына жооп бербеген жаңы эле суюктуктар менен тетиктер коюлса.

3. Жарык берүүчү тышкы приборлор

3.1. Жарык берүүчү тышкы приборлордун саны, түрү жана жайгашышы транспорттук каражаттардын конструкциясынын талабына туура келбесе.

Эскертүү: 1. Мотоциклдер (мопеддер) туманга каршы жарык кылуучу бир фара менен, башка транспорттук каражаттар экөө менен жабдылууга болот. Туманга каршы жарык кылууга фаралар жолдун бетинен 250мм-ден кем эмес бийиктикке жайгаштырылышы керек, бирок жакынды жарык кылуучу фарадан жогору болбоого, транспорттук каражаттын узунунан коюлган огуна симметриялуу жана канталынын тыш жагынан алганда 400 мм-ден илгери эмес жерде турууга тийиш.

2. Транспорттук каражаттардын артына туманга каршы жарык кылуучу фонардын кызыл түстүүсүнөн бирди же экини 400 1200 мм бийиктикке жана тормоздун сигналын берген фонардан 100 мм-ден кем эмес алыстыкка орнотууга уруксат берилет.

3. Туманга каршы жарык кылуучу фаралар, арткы фонарлар транспорттук каражаттын тулкусундагы жарыктар менен номердин жарыгы күйгүзүлгөн убакта күйгүзүлүшү керек.

4. Жеңил автомобилге жана автобуска тормоздун кызыл түстүү сигналынан кошумча кылып бирди же экини 1150 1400 мм бийиктикке орнотууга уруксат берилет.

5. Өндүрүштөн чыгарылган жеңил автомобилдерге башка маркадагы жана моделдеги автомобилдердин жарык берүүчү тышкы приборлорун коюп алууга уруксаат.

3.2. Фаралардын жөнгө салынган жарык берүүсү оң болбосо же аларды күйгүзгөндө өндүрүштө даярдалбаган калкалоочу тетиги алынбаса.

3.3. Тууралап койгон тартипте иштебесе же жарык берүүчү тышкы приборлору менен жарыкты чагылдыргычтарын кир басып калса.

3.4. Жарык берүүчү приборлорунда жарыкты чачыратуучусу жок, же болсо да, жарыкты чачыратуучусу менен бирге лампасы кошо, ал приборго туура келбеген түрүнүкү болгон учурда.

4. Алдыңкы терезенин айнек жуугучтары менен тазалагычтары

4.1. Айнек тазалагычтар тууралап койгон тартипте иштебесе.

4.2. Транспорттук каражаттын конструкциясында көрсөтүлгөн айнек жуугучтар иштебесе.

5. Шиналар

5.1. Шиналарынын протекторунун калган бырдынын бийиктиги жеңил автомобилдердики -1,6 мм-ден, жүк ташуучу автомобилдер-

дики —1,0 мм-ден, автобустардыкы —2,0 мм-ден, мотоциклдер менен мопеддердики —0,8 мм-ден, аз болсо.

Эскертүү. Чиркегичтер үчүн шинасынын протекторунун калган быдырынын бийиктигинин нормасы, автомобиль-сүйрөгүчтөрдүн шиналарынын нормаларына окшоштурулуп коюлат.

5.2. Шиналар бир жеринен жыртылса, (кесилип кетсе, айрылса ж. б. у. с.) тегерете оролгон жиптери чыгып калса, ошондой эле ички бети кабырчыктай баштаса, протектору менен канталдары ажырап кетсе.

5.3. Кабатталып кеткен шиналардын ортосуна башка бир нерселер туруп калса.

5.4. Шиналар өлчөмү жана жүк көтөрүмдүүлүгү боюнча транспорттук каражаттын моделине туура келбейт.

5.5. Транспорттук каражаттын бир огуна диагоналдык шиналар радиалдуу шиналар менен бирге орнотулган, ошондой эле протекторлорунун быдыры ар кыл болгон шиналар орнотулса.

5.6. Шаарлар аралык автобустун алдыңкы огуна калыбына келтирилген протекторлуу шиналар, ал эми калган башка окторуна — экинчи класстагы ремонт боюнча калыбына келтирилген шиналар орнотулса.

5.7. Жеңил автомобилдин жана автобустун (шаарлар аралык эмес) алдыңкы огуна экинчи класстагы ремонт боюнча калыбына келтирилген шиналар орнотулса.

6. Кыймылдаткычтар

6.1. Иштелген газда, зыяндуу заттардын болушу же түтүнү чектелген нормадан ашып кетсе.

6.2. Жылуулук берүүчү системасында жылчыктар бар болсо.

6.3. Радиокабылдагычка болгон тоскоолдуктарды басуучу аппарат жок болсо.

6.4. Иштелген газдарды сыртка чыгаруучу система бузук болсо.

6.5. Кыймылдаткычтын конструкциясына өзгөртүү киргизилсе же күйүүчү майды жасап чыгарган ишкананын макулдугу берилбеген башка түрү менен иштей турган тетиктер жана жабдуулар орнотулса.

7. Конструкциянын булардан башка элементтери

7.1. Транспорттук каражаттын конструкциясында каралган арт жакты карай турган күзгүсү, айнеги жок болсо.

7.2. Үн сигналы иштебесе.

7.3. Айдоочунун отурган жеринен караганда айлана-тегерегинин көрүнүшүн бир канча тосуп, айнектеринин тунуктугун начарлатып, жол жүрүп бараткандарды коркунучтуу абалга дуушарланткан кошумча нерселерди орнотуп же сырдап алса.

Эскертүү. Автомобилдер менен автобустардын алдыңкы айнегинин үстүнкү жээгине тунук көрсөткөн түстүү плёнка орнотуп коё алышат. Жарык өткөрүүчүлүгү МАМСТтын 5727—83 номерине туура келген ицирттетилген терезени колдонууга уруксат берилет. Автобустардын терезелерине парда тартып коюуга да тыюу салынбайт.

7.4. Конструкцияда каралган кузовдун же кабинанын эшиктеринин күлпулары, жүк жүктөлчү платформалардын бортторунун тээктери, цистерналардын жана күйүүчү май куюлчу бактын ооздорунун жабылышы, айдоочунун отургучунун абалын өзгөртүп оңдоп туруучу механизми, авария учурунда сыртка чыгуучу жерлер жана аларды иштетүүчү тетиктери, эшиктердин иштешин жөнгө салып туруучу тетиктердин тутуму, спидометри, уурдап айдап кетүүгө каршы колдонулуучу, жылуулук берүүчү жана айнекти ысык аба менен үйлөп бубак бастырбай туруучу тетиктери бузулуп иштебесе.

7.5. Спидометрдин жабдуулары пломбуланбаса (жеке менчик автомобилдерден, мотоциклдерден жана мопеддерден башкаларыныкы).

7.6. Транспорттук каражаттын артындагы конструкцияда каралган кокус жылып кетсе таканчык болуучу кооңсуздук буфери, ылайчалчыктарды тосуучу фартуктары жана калканычтары жок болсо.

7.7. Рессортун негизги чоң кабыгы же борбордук бурамасы талкаланып кетсе.

7.8. Сүйрөткүчтүн жана чиркегичтердин тарткыч-кармагыч жана таянып-кармагыч тетиктери, ошондой эле алардын конструкциясындагы көмөкчү троссторт (чынжырлар) бузук болсо. Мотоциклдин рамасы менен капталындагы чиркегичтин рамасынын бириккен жерлеринде жеңилип шалкылдаган жери бар болсо.

7.9. Эгерде төмөнкүлөрү жок болсо:

автобустарда, жеңил жана жүк ташуучу автомобилдерде — медициналык аптекача, өрт өчүргүч, авариялык токтоонун белгиси (өчүп-жанган кызыл фонарь);

бардык салмагы 3,5 тоннадан ашык болгон жүк ташуучу автомобилдерде жана бардык салмагы 5 тоннадан ашык болгон автобустарда таканчыктар;

капталында чиркегичи бар мотоциклдерде — медициналык аптекача авариялык токтоонун белгиси (өчүп-жанган кызыл фонарь).

Эскертүү. Аптекача менен өрт өчүргүч транспорттук каражатты чыгарган ишкана тарабынан көөлган орундарда бекитилип туруусу тийиш. Эгерде транспорттук каражаттын конструкциясында бул орундар көрсөтүлбөсө, аптекача менен өрт өчүргүч оңой алынуучу жерге орнотурулушу керек. Ал эми аптечка менен өрт өчүргүчтү жеңил автомобилдин багажникине салууга болбойт. Автобуста – бир өрт өчүргүч айдоочунун кабинасында, экинчиси жүргүнчүлөрдүн салонунда болушу керек.

7.10. Оперативдик кызматтарга тиешеси жок транспорттук каражаттарда МАМСТтын 21392—75 номерине каралган жаркылдаган маякча, добушу алмак-салмак өзгөрүлүп турган үн сигналы жана түстүү графикалык схемалар пайдаланылат.

7.11. Транспорттук каражаттардын конструкцияларын каралуучу кооңсуздуктун кемери орнотула турган атайын орундары болгон

жеңил автомобилдерде, жүк ташуучу автомобилдердин кабиналарында жана автобустарда ошол кемерлер жок болсо.

7.12. Коопсуздуктун кемери жакшы иштебесе жана тарткычында чоң айрык болсо.

7.13.Даярдап чыгарган ишкана тарабынан каралбаган башка маркадагы жана моделдегилердин кузовдук тетиктери орнотулбаса.

7.14. Кузовдун, кабинанын тетиктеринин тышы менен сыры бир топ чоң кабырылса жана сүрүлүп калса.

7.15. Эки дөңгөлөктүү мотоциклде, конструкциясында каралган коопсуздуктун догоолору жок болсо.

7.16. Мотоциклдерде жана мопеддерде арткы ээрде учкашып отурган жүргүнчү үчүн конструкциясында каралган бут койгучтар, туурасынан коюлган кармагычтар жок болсо.

МАЗМУНУ

1. Жалпы жоболор 4
2. Негизги түшүнүктөр жана терминдер 5
3. Айдоочунун жалпы милдеттери 7
4. Өзүнчө учурлардагы айдоочунун милдеттери 9
5. Жөө жүрүүчүлөрдүн милдеттери 11
6. Жүргүнчүлөрдүн милдеттери 12
7. Жолдо жүрүүнү тартипке салып туруу 12
8. Алдын ала эскертүү сигналы 15
9. Ордунан козголо баштоо, жүрүү багытын өзгөртүү 16
10. Транспорттук каражаттардын жолдо жайгашуусу 18
11. Жүрүүнүн ылдамдыгы жана аралык 19
12. Күүн жана карама-каршы өтүү 20
13. Аяндоо жана токтоп туруу 21
14. Жол кесилиштеринен өтүү 23
15. Жөө жүрүүчүлөрдүн өткөөлү жана коомдук транспорттук каражаттардын аяндоолору 24
16. Темир жол өткөөлдөрү 25
17. Автомагистралдар менен жүрүү 26
18. Коомдук транспорттук каражаттардын артыкчылыктары 27
19. Тыныгы жарык берүүчү приборлорду пайдалануу 27
20. Механикалык транспорттук каражаттарды буксирлөө 28
21. Айдоого үйрөнүү 29
22. Адамдарды ташуу 30
23. Жүктөрдү ташуу 31
24. Велосипедчилердин, мопеддердин, арабалардын жана айдап бараткан малдардын өтүшүнө карата кошумча талаптар 32
25. Транспорттук каражаттардын техникалык абалы жана жабдуусу . . 33
26. Номердик, айрым тааныуучу белгилер, алдын ала эскертүүчү түзүлүш, жазуу жана белги салып коюу 34
27. Жолдо жүрүүнүн коопсуздугун сактоодо, автотранспорттук жана башка мекемелердин кызматчы адамдарынын милдеттери 36

1-тиркеме. Жол белгилери (МАМСТ 10807—78 жана МАМСТ 23457—86 боюнча) 39

2-тиркеме. Жолдогу чийме жана анын мүнөздөмөлөрү (МАМСТ 13508—74 жана МАМСТ 23457—86 боюнча) 52

3-тиркеме. Транспорттук каражаттарды шттетүүгө тыюу салуучу шарттар (МАМСТ 25478—82нин эсеби боюнча) 58

Официальное издание

ПРАВИЛА ДОРОЖНОГО ДВИ

Переводчик Б. Букаш

Фрунзе, издательство «Кыргыз

На киргизском языке

Атайын басылышы

ЖОЛДО ЖҮРҮҮНҮН ЭРЕЖЕ

Редактору Б. Самиева
Мукабанын сүрөтчүсү А. Е. Смир
Тех. редактору Л. Шевченко
Корректору М. Кожалиева

ИБ № 4612

Терүүгө 16.03.1989. берилди. Басууга 1 08. 1989. кол коюл
Адабият ариби, офсеттик ыкма менен басылды. Форматы 6
физ. басма табак. 4,0+0,5 вкл шарттуу басма табак 4,506 уе
түшүрүү. Тираж 20.000. Заказ 2225. Баас

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан»
720737. ГСП. Фрунзе шаары,
Совет көчөсү, 170
Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китепсоода иштер
комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыр
720461, ГСП, Фрунзе, 5. Жигули Көчөсү

